*Абдилаат*
*ДООРОВ*

# МИҢ ТАМЫР





Алаканым такырдыгы кыйнады,
Айрымдардын бакылдыгы кыйнады
Дүнү менен жаратылган чындыктуу,
Дүйнө жасап алгым келет бир жаны.

*Автор*

*Абдилаат ДООРОВ*
*(Эпохин)*

# Миң тамыр

Обл. китепканага
автор
2.02.2017-ж

«САБЫР»
БИШКЕК
1998

ББК 84Ки-5
Д-55

**Дооров Абдилаат**
Д-55 Миң тамыр: Ырлар.-Б.: 1998.-88 б.

ISBN 9967-20-076-6

Кыргыз поэзия сүйүүчүлөрүнө Абдилаат Дооровдун ысмы мезгилдүү басма сөз аркылуу тааныш. Ал көптөгөн жылдар бою райондук газетанын редактору болуу менен бирге поэзиянын сары изине чөп салып, саргара kууп, кызара бөртүп келет. Анын тырмак алды бул жыйнагынан акын катары жетилип калгандыгын даана байкоого болот. Абдилаат кайсы темада жазбасын ал теманы өзүнчө чечмелеп, өзүнчө ой айтууга аракеттенип, аны өзүнө тиешелүү чеберчиликте ишке ашырат.

Д 4702300200-98 ББК 84 Ки7-5

ISBN 9967-20-076-6
© «Сабыр» басмасы,1998

# КОЗУ-БАГЛАНДЫН КОҢУР ҮН АКЫНЫ

Акындын ар бир жазган ырында, эгерде ал чындап эле дээринде акын болсо - ар бир сөз, ар бир сабында өзүнүн кулк-мүнөзү, ошондой эле туулуп, өскөн жеринин турпат-көрүнүшү даана чагылып, даана көрүнүп турушу абзел. Ушул жагдайдан алып караганда мен азыр көнүлүм агынан жарылып, тырмак алды китебин алгач окуп чыккан Абдилаат Дooровдун ырлары жакшы таасир калтырды. Бала болуп барбаган ажайып бийик тоонун арасындагы мен атын билбеген боз чымчыктын мен укпаган үнү менен керемет күүлөрдү сайрап турган сыяктуу сезилген - бул жыйнактын автору атпай журттун ыр ышкыбоздоруна анча деле белгилүү эмес. Жайнап чыгып жаткан гезиттерге жалаяктай ырларын жарыялап, жакадан алып «мактап бер» деп мардемсингендерге жатпайт жыйнактын автору. Ал баарыдан мурда балкабынан чыккан добушка магдырап, андан тоодой топук алып, эртеден кечке эрикпей күнүнкү ишин күнүн бүтүрүп күлүндөп турган зергерге, жел менен суунун ырын тыншап, чөптүн ташка айткан сырын уккан, өсүмдүгүн өспүрүмүндөй алпештеп, аянбай билек түрүп жайдар мүнөз дыйканга окшоп - түн уйкусун он бөлүп ыр узанып, ыр токуган. Кудайга шүгүр саргара жорткон мээнеттин акыбети кайтып, көптүн бириндей эмес - нары көркөм, нары ойлуу - окугандын көнүлүн жибитип, жүрөгүн жылыткан жылдыздуу ырларды жарата алган.

«Лейлек жергем - куш ысымдуу, куш сымбат,
кучагына уялаган жан сырым.
Чачы агарып кала берди бөкчөйүп
канатынын желпүүрүндө сан кылым» («Лейлек жергем») же
«Ырыс, дөөлөт, ыр ышкына ширелткен
ушул күндүн кымбаттыгын туюндум.
Баарыбызды кучагына сыйдырган
бал аарынын уюгундай Кулундум.»
(«Туулган жерге»)

Туулган жер жөнүндө жазбаган акын жок, ар акын өзү туулган жеринин кайталангыс коодзугун, бөтөнчө өзгөчөлүгүн ар кыл ыкма, формада ишке ашырып, бүгүнкү күндө ата-журт жөнүндөгү ырларга сан жетпей барат, бирок бул акындын жогоруда үлгү тарткан ырлары ошол көптөгөн ырлардын башы болбосо да жоон ортосу болуу менен, өзүнчөлүгү көрүнүп турат.

Абдилаат ырларынын ар сөзүнө ой уютуп, ар бир лирикалык боёгуна маани берип, сөзгө саран, ойго терең болууга аракеттенет, жана ал аракети ушул жыйнактын көпчүлүк ырларында астейдил ишке ашкан. Ал образ менен сүрөт тартканына, тартканда да аны кол менен кармагыдай жандуу, элестүү кылып, ага өзүнүн дүйнө туюмун, турмушка болгон азада, тунук мамилесин туйдура тартканга маш. Анын жакшы чыккан бир топ ырында айтылуу Лейлек жергесинин тарых жыттуу ажары, ай чапчып аккан Козу-Баглан дайрасы, өмүр базары өрүкзар, мектепте бирге окуган кызынын элеси эсте каларлык, көңүлгө тоерлук.

Акындын ырларынын жан шериги өзү өсүп чоңоюп, өзү кастарлаган жаратылыш. Ал аны бардык мезгилде кемелине келтирип сүрөтүн тарта алат. Анын:

«Ойду-тоону жаныртса шок чагылган,
от камчысын обо жактан камчылап.
Баар алдында баарын туюп жатат тим
башын жерге катып алган ат кулак»
(«Тоо айлында») же:
«Шамал шашат дикилдеп кайберендин
улагындай арышын элпек таштап.
Анын үнүн тыңшасаң кандай мукам,
анын тулкун сыласаң кандай жумшак»
ошондой эле:
«Айлананы акка жууп
Түндүн сөөгү таптаза.
Күз чамбылын кутка жууруп
Куш келипсиз, Кар ата!» - деген ырларынан эле акын катары канчалык өсүп, канчалык өзүнчөлүк үнгө ээ болуп калганын баамдасак болот.

Өтүшүп бараткан ышкындай болуп көрүнгөн акындын жаштыгы ырында, ал дайыма көгөрүп турган арчадай - ошол өзгөчө өзүн жоготпой дайыма жаш болуп, окугандын жаштыгын эске салып, эске салып эле тим болбой аны жашартып, тазартып турчу касиетке ээ, анткени ал ырларына тоо жарып аккан Козу-Багландын аруу тазалыгын жугузуп жылдыздай жарк этип өмүрдөн эрте көчкөн айтылуу акын Курбаналы Сабыровдун ырларынан наар алып, «Айдай кетмен артынып, бакка дагы чоң Ата» болгон ак сакалдуу карыянын накыл сөзүн уккан. Ошон үчүн бул жыйнак кыргыз поэзия көлүнө таштардын тамырын тарап, миң бир үндө миң кубулуп келип куйган булак сынары болоруна ак дилдик ишенич артуу менен: «Көч дагы арбый берсин!» деп айткым келет.

*Анатай ӨМҮРКАНОВ*
*Акын, А.Осмонов атындагы*
*адабий сыйлыктын лауриаты.*

# ТУУЛГАН ЖЕР

Сен көөдөндү ээлеп алган Жүрөксүн,
дукүлдө, сок, созолонт үн, дабышта.
Куш учурган асманындын шуудурун,
кулак төшөп туюп турсун абышка.

Жылдар өтөт леп-леп жорткон шамалдай,
же мончоктой жипсиз чууруй төгүлгөн.
Жалбырактан сарыгып тамган тамчыдай, -
сага кымбат: адил өмүр, көз ирмем.

Күмүш нурлар күлө багып мейкинден -
чар тарапка Күндөн аккан алп дайра,
Сагынычка толо мээр, сүйүүм -
сага карай менден аккан ак дайра.

Өлкөм термеп асибеттеп өстүргөн,
татынакай такыядай уясын.
Урпактарга урмат менен калтырар -
кемибеген, кетилбеген мурасым.

II

Ферганадын өрөөнүнүн койнунда,
гүл шай көйнөк өндөнөсүн түрлөнүп.
Аптап синген кыска түндө уктабай,
арык бойлоп жүрөт атам күймөнүп...

Ырыс, дөөлөт, ыр, ышкыга ширелген,
ушул күндүн кымбаттыгын туюндум.
Баарыбызды кучагына сыйдырган -
бал аарынын уясындай Кулундум!

Мин ырахмат! Мен ыр жазып жазданчу
маин, жумшак, өскүлөн көк майсанга.
Жылуу ырай, эне пейил турпатын
Жүрөгүмө батып калган ай тамга.

## ЛЕЙЛЕК ЖЕРГЕМ

Лейлек жергем - куш ысымдуу, куш сымбат,
кучагына уялаган жан сырым.
Чачы агарып кала берди бөкчөйүп,
канатынын желпүүрүндө сан кылым.

Лейлек жергем — Жангактынын жошосу,
жаш ингендин жайдандаган ботосу.
Үлпүлдөгөн чачыларын жаңы ачкан,
жүгөрүнүн сүткө толо сотосу.

Лейлек жергем — Жашыл-Көлдүн ирими,
жайрап оттоп, жүрөт сүзүп күлүгү.
Жомокто эмес, турмуштагы жолундан -
жолуктурар кыздын жоодур үрүнү.

Лейлек жергем — Козу-Баглан ак дайра,
Козуке, Баян баткан ышкы сайранга.
Көз мончоктой жердин жубар соорусу,
көргөндөр да, көрбөгөндөр арманда.

Лейлек жергем — жүзүм, өрүк, терекзар,
жүргөн алыс уул-кызы ага зар.
Жылуулукту агаиндик эн ыйбаа,
жыланынан сезип турам карачаар.

Лейлек жергем — нур кереге, күн өргөө,
жыт, абасы ар бир урпак канында.
Ал Чыгыштын, Азиянын кен төрү -
сенин жана менин тирүү барымда.

## АЙЛЫМА

Антташкан жаш селкисин күтө карап,
үнүлүп саатына, секунд санап.
Саргайган жигиттердин көзү менен
автобус күтүүдөмүн сени самап.

Морунан түтүн булап ар бир үйдүн,
аяз кысып, кар басып жаткан чыгар.
Түйшөлүшөр кирпигин түк ирмебей
түн уйкусун унутуп сакмалчылар.

Саанчы кыз бүт айыл жаңылыгын,
сагынычын билдирип жаш жоокерге.
Каймак, сүттөй таза дил сөздөр менен
кат жазууга киришсе керек эле...

Энемдин нан жыттанган туурук колу,
атамдын тер жыттанган тулку-бою.
Билемин... Биригишип бизди тапкан
махабат аралынан - айыл койну.

Тирмийип китеп окуп олтургандыр
даярдап үй тапшырма иничегим.
Уялап алган анын көкүрөгүн
айлын сүйүп, сагынар асыл сезим.

Антташкан жаш селкисин күтө карап,
үнүлүп саатына, секунд санап.
Саргайган жигиттердин көзү менен
автобус күтүүдөмүн сени самап...

## ЭРКИН ЭЛИМ

Кыргыз Ата ашуу аштын, кыр бастын,
Ташка жаздын таржымалын тагдырдын.
Азияны мекендедин аздектеп,
Ат жалында сынап жигит намысын.

Эне-Сайдан бой көтөрүп өстүн да,
Алтай, анан Ала-Тоого сүрүлүп,
Канга, терге малып шордуу мандайын,
Таш чайнатты жарыбагыр, тирилик.

Кантсе дагы бел бүгүлбөй ташыркап,
жатып калбай келдин ушул бүгүнгө.
Тоолорундай өс, бийикте, оболо,
толуп-ташып, чалкы, чарда, күжүлдө!

Асман ыран көк асабан желбиреп,
Ажарыңдан өпсүн күндүн күмүш нур.
Ынтымагын бир билектей түптөлүп,
Ысык-Көлдөй бөксөрбөсүн ырыскын.

* * *

Айталаага астейдил карадым да:
көрдүм андан дыйкандын буудай өңүн.

Суу тараткан кат-жөөгү окшойт кыздын,
тал-тал кара чачынадай өрүм-өрүм.

Темир эрип дайрадай көлкүп аккан,
шанга толо ичинде ишкананын.
Жумушчунун пейлине аалам баткан
Жуурулушуп бир туруп, ан-тан калдым.

Жер астына түштүм да шахтерлордун,
турмушуна кабылдым каармандык.
Кайратына алардын курсант болдум,
казыларын түшүндүм көмүр кантип?

Көк тиреген туш келип имаратка,
көөр төгүлгөн уста кол учураттым.
Далысына жабышып суу көйнөгү,
тер куюлуп жүзүнөн ылдый акты...

## БИР СЕКУНДА

Бир секунда! Бир согуусу жүрөктүн,
ошол согуу бөлүкчөсү мүнөттүн.
Ачып көздү, каш-кирпигин какканча,
өмүрүндүн бир чымчымын түгөттүн.

Бир секунда! Шынга бой жыш камыштын
катарларын жумшак шыбыр аралап.
Далысына ай же күндү артынып
дайра өзүнүн нугу менен шар агат.

Манжа ойнотуп машинкада «чака-чук»,
тамга терип, шыдыр жазуу сүйлөмдү.
Канча күтүү, зар, кусага чөктүргөн,
капилеттен жолуктуруу сүйгөндү.

Таксиби же машина өткөн таризде,
тастайган жол кештеленип чан, изге.
Ким бирөөнүн үйүндө үн жаныртып,
киндик улаш төрөлүүсү наристе.

Көлдөй терен пикир ылдам көчкөнү,
көөнөрбөс ой мээден «дүнк» деп өткөнү.
Кубанычтан илимпоздун, акындын,
кучак жайып кен ааламды өпкөнү!

## ӨМҮР

*(Классташтарыма)*

Балбылдап жанган көз оту,
бал, нават тамган көмөкөй.
Балалык калды бат эле,
байкалбай, сезбей, элебей.

Жалыны күчтүү ышкылуу,
жайдары карап бир сырдуу.
Жаштык да калды арман ай,
жаннаттай жайда кулпулуу.

Кыялап баскан кайберен,
кумары анын кайда экен?
Мелжиген бийик зоодо өсөт,
мен жетпеген тоо жекен.

Баратам өмүр өткөрүп,
байрактай сезим жай жатпай.
Балыктай колго турбады -
бар эле көөнүм бармактай.

Жоготтум кындуу бычакты,
жол көркү жалдуу жорго атты.
Кыргый кушум «пыр-р» учту,
ким көрдү дагы, ким тапты?

## МАКСАТКА

Татына бир сулуунун...
тарткандай.
Тартам сенин күйүтүндү.
Барпырап мезгил учат батперектей
байкалбай өмүр өтөт сүйүп күндү.

Алкынып күз баратат жарыштагы
оозунан көбүк аккан сарала аттай,
көчөдөн жеңил баскан сары кыздай
көздөрү карагаттай.
Дүкүлдөп согуусундай жүрөк-тамыр,
чыкылдап согот саат тынымсыз, бат.
Кымызды кулкулдатып жутканымдай,
өмүрдү убакыттар сорот, жутат.

Талаанын жашыл өнүн өчүрүп жел,
таратат өз боегун бопбоз бойдон.
Кейитет мени ичтен бир сыбызгы,
бир өксүк өйүй берет кетпей ойдон.

Жел жетип мага дагы боёйт боз өн,
мүрзөнүн үстүндөгү топурактай,
жүрөктү койгусу бар дүкүлдөтпөй,
саатты чыкылдатпай.

Дарбыздай дыныддаган курагымда,
данектей сөөк жарат сезим курчуп.
Зор үмүт түн үркүтүп жанып турат,
зооканын бөйрөгүндө бийик урчук.

Ажайып кубулуштуу, куттуу, көркөм,
аябай толуп нурга бардык жагым.
Окшошуп өзүмчө бир нурдуу өзөн,
окшошуп нурдуу агым...

Татына бир сулуунун...
тарткандай.
Тартам сенин азабынды.
Өзөгүмдөн өндүрүп жаны калаа -
ачып салдым бар дүйнө, базарымды.

## ЫЙЛАДЫМ

Бир бөтөлкө ичине кирип-чыкпай,
билинбестен ууланган өмүр
сага ыйладым.
Татынакай бөпөнү төрөп коюп
таштай качкан без бөйрөк ЭНЕ
сага ыйладым.

Атасынын сакалын апчый кармап
атырандап октолгон улан
сага ыйладым.
Ден соолугун, денесин дептер мисал,
үч тыйынга булганган сулуу
сага ыйладым.

Кудай урган кесирдин колунан бир
кургап калган таптаза булак
сага ыйладым.

Ынтымагы ыдырап бара-бара
үстү түшүп жүдөгөн үй
сага ыйладым.

Нур, суунду, кен, токой, чөп, дарагын
нысапсыздар тоногон жер
сага ыйладым.
Жакырчылык, жокчулук жон жорутуп
жапа тартып турган эл
сага ыйладым.

## ТОО АЙЛЫНДА

Ойду-тоону жанырта шок чагылган,
от камчысын обо жактан чапкылап.
Баар алдында баарын туюп жатат тим,
башын жерге катып алган аткулак.

Чыт курсактар топу тосуп жамгырга,
чыдай албай чапкылашат көчүгүн.
Бири кийип апасынын кепичин,
бири кийип агасынын өтүгүн.

Көчөнү бүт ызы-чууга толтуруп,
көлчүктөрдү тебелешет аябай.
Карап алып сөөмөй кезейт балдарга
карт дыйкандар каткырышып: «ай-ай-ай!»...

Жыты каптап айланага палоонун,
жыргай түшөт көнүлүн да көкөлөп.
Жүрөгүнө уюп укмуш назиктик,
жүрө бергин келет сыртта көчөлөп.

* * *

Алма бак нурга киринип,
чыналат, өсөт, көкөлөйт.
Шактарын ийген мөмөсүн,
шапаада да бөпөлөйт.

Айдай кетмен артынган
ак сакалдуу карыя.
Небересине гана эмес
бакка дагы чон Ата.

Тан заарынан кечкече
такыр кетпей үйүнө.

Азык чачып, суу коет
ар түбүнө үйрүлө.

Мээнеткеч, асыл, ак дилден
дүркүрөп өсөт, чыналат.
Атанын ойлоп эмгегин,
Алманын бети кызарат.

## КҮНДӨРҮМ БАР

Күндөрүм бар корстон болуп өзүмө,
ооруп жаткан бир боорумду көрүүгө.
Кам дарбызды кучактап палатага кирип-
чыккан.

Күндөрүм бар боор-этимди шылытып,
кабыргама кагып өткөн заар мык.

Таасиринен табият, кино, китептин,
сүңгүп кирген не бир сыйкыр дүйнөгө.
Чылк толтура арман, күйүт, аламга,
арак, чылым, виного.

Күндөрүм бар ким бирөөгө чын дилден,
ыраазылык сезим отун жандырган.
Үшүп денем үйдү көздөй жөнөгөн,
үстү-башым малма-чөлмө жамгырдан.

Күндөрүм бар автобуста, поездде,
айдын талаа, сырт дүйнөгө үңүлгөн.
Жалган жалаа же ушактын айынан -
-жандай ысык адамымдан түңүлгөн.

Күндөрүм бар каттар жазып, кат алган,
күркүрөгөн дайрадан кечүү кечип өталган.
Токсондогу карыядан - тогуз уулдуу,
токсондогу чал болгун, - деп бата алган.

## РОМАНТИКА

Көп күттүргөн горизонттун чегинен -
тан кирпиги түртүп түндүн пардасын.
Татынакай уйкудагы жаш кыздын,-
коомай гана өпсө кош тон алмасын.

Кабагымда калбай суздук, бүркөөлүк,
каным толкуп, денде дүргүү күчөнүп.
Жүзүм каптап аптап зарпы ашынды ай -
жүрөгүмдүн экватору өндөнүп!

Жарыкчылык бактысында мына шу
жалындаган ышкылануу белгиси:
кучагынан соот кийген шер Аска,
келбей турат күндү коё бергиси.

...Кызганычтын айынанбы, ким билсин?
Күндүн мурдун кан жалата текелер.
Жар-кыяда карсылдаша сүзүшөт -
жандарынан түнүлүшкөн эмедей.

## НООРУЗ КЕЛДИ

Атластан кийип шай көйнөк,
саамайына тагып байчечек.
Аруу жыты көнүл элиртип,
адыр-түзгө жайып көк төшөк
Нooруз келди.

Ырайлуу жүз мөлт-мөлт жаш чайып,
ышкы отунан замат нур чалып.
Түнү жигит сырдуу, сыпайы,
таны таза, сулуу ак зайып.
Нооруз келди.

Кош өгүздүн майлап мүйүзүн,
колтук жарып соко, буурусун.
Алакандан чууруп дан урук -
ата дыйкан тынбас күнү-түн.
Нооруз келди.

Сүмөлөгү тандай тамшантып,
сүрөтүнөн сүйкүм байкалтып.
Сүлкүлдөгөн жапжаш ноодадай,
сүйүү менен жазды айкалтып,
Нооруз келди.

II
Нооруз келди баланын тилегиндей,
көктөм жыты жык толгон ай талаадан.

Ноодалары дарактын бүр байлаган,
Нооруз келди булактай аруу, тунук.
Ноо, арыкка батпастан туйлап аккан,
сапар баштап жаны жөөк, жаны каттан.

Нооруз келди бой жеткен кыз көзүндөй,
күн күлкүсү чачырап кирпик, шоола,
Нооруз келди ноокастык түк жоголуп,
көп жүрөккө түшүрмөк ышкы коога.

Асан - Үсөн асыл жар карашындай.
кабак-кашы асман-жер арасындай,
Нооруз келди атадай токсон таяп:
ары сүйкүм сүрү бар алмаз көздүү,

ары ширин, нускалуу, акыл сөздүү.
Илек-илек кушундай Нооруз келди,
Түргө бөлөп жергемди ыр салтанат.
байбичедей мээрман күн чалкаят.

* * *

Ат арытып Айлама саа келдим мен,
ак мөнгүдөн кийиптирсин ич көйнөк.
Көк кашка суун жата калып шимирдим -
көмөкөйдө балдай эрип, ичти өрдөп.

Кой жайылган тик жалама кыядан,
койчу жигит «Чойт, эрекечти» жаныртат.
Аяк астым төө көтөргүс кар, көчкү -
ак жалындай алоолонгон жалбырттап.

Дениз чени үч мин метр бийикте,
алтын тамыр өсөрлүгүн көз көрдү.
Ата-Журтум асмандатып туруптур,
Искендердин чокусундай төш белги.

Ар жылгандан сымап суун чубурат,
таштарын кооз жалатылган алтынга.
Селки өңүндөй жаркылдаган мүнөзүн,
сезим гүлүн тартуулады эң ыйбаа.

Балалыкта калган изим издеймин,
торпок кууп томолонуп ойногом.
Жамалына жал-жал карап суктанам,
жаратылган дүйнө экенсин кол менен.

Тээ кылымдын түпкүрүнө үңүлсөм,
ата-бабам ак конушу болупсуң,
Урпактарын өрүшү өскөн бул күндө
ырас сенде сөөлөт бийик, кол узун.

## СҮЙҮНҮЧ

Зор сүйүнүч өрөөпкүттү, кубантты,
он жыл перзент төрөбөгөн женекем,
уул төрөп,
бешенеси ылдый жарык нур акты.

Күн күлүңдөп тизесине конду да,
күлө бакты ырай менен бөпөлүк.
Уул төрөбөй, күн төрөгөн кызы
уялынкы турду коомай көтөрүп!

... Топту жарып чыккан караан. Ал агам,
«куртумуштай» өзүн көрдү а анан.
Ак калпагын оң колуна туу кылып
жарын,
уулун,
палатаны,
дүйнөнү,
ак бетинен
жалынычтуу өөп кирди умтулуп...

## ТУРМУШ ТАМГА

Турмуш тамга күргүштөнгөн акак дайра,
саймаланып гүлдөгөн макмал талаа.
Адамдар жазууда аны билек менен,
акыл-эс, эрк, ыйманы, жүрөк менен.

Турмуш тамга - күн сынар батып калбайт,
ай сынары бөксөрүп же кетилбейт.
Саратанда салкындык демин үйлөйт,
кыш чилденин багында бүрдөп, гүлдөйт.

Турмуш тамга — өсүп чыккан ак үйлөр,
уч-кыйырсыз Ата-Журт өндүрүнөн.
Ар бири абдан көркөм, татынакай,
танында чарт жарылган ак пахтадай.

Дыйкандын күмүш соко, кетменинен,
куруучу аземинен, художник кистисинен.
Устанын көөрүгүнөн түптөлүп куралууда,
түбөлүк өчпөй турган ыраңында.

## АЗИЯМ

Азиям түптүү майдан тал -
асмандап өссө ийилген,
Мандайы жаркып сүйүнгөн
тамыры ташка тилинген.

Азиям төөнүн ботосу,
көздөрү панар чырактай.
Сыбызгып ырдайт таң атпай,
сызылып ыйлайт чыдатпай.

Азиям айдын синдиси,
боз топурак, кум кучак.
Бир өңүрү куйкум, дак,
бир өңүрү кулпурат.

Азиям аппак кийинген,
көрпө ичиктей, көрпө кар,
Зым карагай учуна,
конгон макоо каргалар.

## ГЕЗИТИМ

Айдоочу же чабан, саанчы, малчылар,
адис дыйкан анын сыйлуу мейманы.
Бар үн менен данкталышкан шу бүгүн,
репортаж, сүрөттөмө, ырдагы.

Жек көргөнү мансапкорлор, шылуундар,
Энесине, баласына зулумдар.
Тунук ойду алып чыгып курултай,
туу көтөрүп андан өтөт сулуу май.

Сан жаңылык бүктөмүнө кыналган,
Кремлдин куйма кызыл кышындай.
Жаңы гезит журналисттин бир өмүр -
өз канынан өнгөн уул-кызындай.

Аруу таза ырай менен, өн менен,
алакандан акыл, көзгө сүртүлөт.
Алоолонгон сезим отун жандырып,
жүрөк канын, жулунуңду дүргүтөт.

* * *

Турчу, сары кучугум,
тумшугуңду катып үнкүйбө.
кирпи мисал жүнүн үрпөйө,
мынча байкуш аздын аз күндө.

Кабагыңды ачып карачы,
колдоруңду койчу ийниме.
Таланып же таяк жединби,
менде бардыр балким бир күнөө?

Ырас, сени тышта калтырып,
коногумду күтөм чын дилден.
Же олтуруп достун үйүндө
ыраазылык сезим билдирем.

Бирок кайра тартар көчөдө,
чуркап келип асти ар кылбай.
Колдоруңду коюп ийинге,
Алгач мени күтүп аласың
жарым түндө, үрүл-бүрүлдө.

Жаш баладай элпек дикилдек,
жадыраган пейлиң эң керек.
Кел, күчүгүм, келчи үрпөңдөп,
кел, күчүгүм, келчи эркелеп.

## АЙ ЖАҢЫРГАНДАГЫ ЫР

Тырмактай ичке ай көрдүм
жапжаңы ай.
Кирсиз кундуз жакадай
жапжаңы ай.
Алп асмандын курсагына
бүгүн бүткөн түйүлдүктөй
жапжаңы ай.
Өнүп-өсүүгө умтулган,
өлбөстүктү ыр кылган
ыңа - а деп кыйкырган
ай көрдүм.

## ЭМНЕГЕДИР ТЕШЕ ТИКТЕЙМ АЛЫСТЫ

Эри кетип, кан казаттан кайтпаган
энелердей теше тиктейм алысты.
Сезимдерин энсөө эзе баштаган
селкилердей теше тиктейм алысты.

Терезеден телмирчүүмүн кызыгып,
тек туралбай чак түштөбү, кечинде.
Чан көчөнүн үстүн сызып, кештелеп,
«чон сүрөтчү» аталганым эсимде.

Теп-тегерек же кетилген май токоч,
түспөлдөнүп сезилүүчү ай мага.
Таппай калган ак чөлмөктөй жок издеп
тандачуумун табияттык саймага.

Эми мага адат болуп баратат
эмнегедир теше тиктөө алысты.
Алп асмандын көөдөнүнөн Ай жылып,
жылдар учту, жылдыз учту, куш учту.

Туйгуларым чиеленген жибек жип,
тулкумдагы тарам-тарам тамырдай.
Жүрөктөгү ыр-станок таптакыр
жүрбөй кыйнайт бир тетиги табылбай.

Табам го..., деп ак чөлмөктөй аны да,
танда тутуп, түндө тутуп күймөлөм.
Мына ушул кичинекей терезе
микроскоп сыяктанып дүйнөгө.

Эмнегедир теше тиктейм алысты...

## ТАЛАНТ ЖӨНҮНДӨ

Борошодо карды малтап,
кубалашып ойнодук,
кызыл шыйрак болуп алып!

фуфайкасын күйдүрдү да,
меш жанында уктап калып
сокку жеди мурунга!

Күзгү айдоонун күч кезинде,
бир күн кечки бешимде.
Дейдиленип кеткени үчүн
тепки жеди көчүккө!

Бара-бара талант өзүн,
урматтоону үйрөнүп.
Тарам-тарам бороз салды -
талаа чачын майда өрүп.

Керек кезде өтөөрү анык,
Кечүү кечип дайрадан.
Жүрөт турмуш очогунда,
оргу-баргы кайнаган.

* * *

Желбиреген кызыл туудай, кызыл күн
көтөрүлүп. Жерде дуулайт ырыс, шаң.
Бир боо күмүш нур жайылат ааламга,
бир боо күмүш сакалындай карт дыйкан.

Жазгы таңдын алмончогу - шуудүрүм,
жалбырттанган күн дидарын чөгөрөт.
Зоока учтарын жаркыратып салгансыйт
адис дыйкан соко учундай өгөөлөп.

Кылкан дандуу, кызгалдактуу талаада
кыл муруту күн сайгылап эгиндин.
Кудум өзү жүгөрүлөр шу чакта
кундуз чачы үлпүлдөгөн келиндин.

Сайма гүлдүү көйнөк кийген кызы көп,
гүлдөрү көп айдын талаа арашан.
Салтанаттап жаз майрамын сан куштар
жаны уя ачып, басат жаны балапан.

Жашыл түскө чебер уста сүрөтчү,
жасап салган бут аймакты кистилеп.
Күнгөй беттеп дик-дик ойноп козу-улак
ушул жазга ыраазылык билдирет.

Энесинин сүтүнө мас жаш тайлак,
тайраландайт жолго изин калтырып.
Өр таянып оттоп барат тигине
өркөчүнө инген куяш артынып.

## КЫШТАК КЕЧИ

Күн батып, күүгүм чалса айлананы,
седептеп жылдыз көктү саймалады.
Сергитип кыштак ичин тоонун жели
көнүлдүн бөксө жерин жаймалады.

Аздан сон жедеп көнгөн адатындай,
жаркырап жарыктыкка толду жайнай.
Сөөлөттүү анын салкын көчөсүндө,
жаш жигит келе жатты кызды жандай.

Тигине, ат чегилген эски чийне
анкытат беде жытын теребелге.
Элендеп эгиз кыздай сыртка үнүлөт -
эки тал өскөн сирень терезеден.

Термелип бак шамалга жай шуудурап,
терени сырга толгон түн коюулап.
Чебердик, сактык менен аяр, аста,
черткилейт терезени жаш жалбырак.

## ЖАЙЛОО ТҮНҮНДӨ

Сапар улайт жетилген ай,
санаадар кыздай ак тамак.
Сүтак гана тагдырына
наалыгандай үн салат.

Сансыз гүлдүн жыты бурап,
ичиркентет тоо жели.
Ырдайт бозой жаш селкисин:
«сагынттын го-деп-мени»...

Кичинекей бала балтек,
короо койду үркүтүп.
үрө берет өз бийлигин
куйругуна жүргүзүп.

Тынчтык бербейт айланага
шаркыратма күркүрөп.
Мээрбан эне эмчегиндей
ийет булак диркиреп.

Түн камалган ак боз үйдүн
ичиндеги шам жанып.
үй ээсинин перзентиндей
бешенеси жапжарык.

Тээ төмөндө көл чалкаят,
жылдыздарды чөгөрүп.
Арча ыргалат өмүр шерик,
ак кайынга жөлөнүп.

## БАЛА

Чедирейген чыт курсактуу бир бала
чепен-чепен басып үйдүн сыртына,
кен көчөгө чыкты да,
эки колун артына алып,
сарасептүү карап турду...

Көз алдында сырткы чөйрө:
Зуулдаган машиналар,
мотоцикл, тракторлор,
катар-катар аппак үйлөр,
гүл, дарактуу огороддор.

Жакын келип күн энкейе
мандайынан өптү дагы.
Велосипед минген киши
күлүмсүрөп өттү нары...

Конор-конбос зым жыгачка
жанды жаагын бир чымчык.
Жаратылыш сезилди ага:
жан киргизип кимдир бирөө -
жасап койгон оюнчук.

Зым жыгачтын үстүндөгү
чымчык сайрап жатты чыр-чыр.
Көрүндү ага төгөрөгү:
Экраны кенен, чексиз -
эн кызыктуу телевизор.

Зым жыгачтан жылбай такыр,
чымчык сайрай берди тынбай.
Дүйнө ага көрүндү азыр:
атасынын комузундай,

апасынын жоолугундай,
өңдүү-түстүү, татынакай...

## АРКАР ОТ

Келдим да аска боорлоп,
кезиктим... сага аркар от.
Шагылдуу бетте турупсуң,
шамалга тосуп көкүрөк.

Жайлоонун майин жамгыры,
жакандан ылдый агыптыр.
Жылдыз кыз түнөп койнунда,
жыпар жыт сиңип калыптыр.

Алоолоп күйгөн аркар көз,
жазгырбай көрүп баарын да.
Уурданып өөп кетиптир,
уйкуда жаткан маалында.

Эниле калып сабагын
кармадым, бирок үзбөдүм.
Үр кызындай экенсиң,
мен энсеп сүйгөн дүйнөнүн.

## АНАР

Шамалданбы куюндаган,
же кырсыкпы ким билсин?
Уч сабагы чорт үзүлдү,
тең жарылып жерге түштү.
Катастрофа!
Кеч күзгү.

Манат жүзү киргилдеңди,
кайнар көзү жаш өрүдү.
Аба дайра күрпүлдөгөн
асман толо ага берди,
ага берди...

Ыр-чыры жок ырыс алды,
ынтымакта жашаган.
Бир өзөктөн азыктанып,
бир өңдүрдү жайлаган.

Бараалына жетилиптир
жалгыз ушул кутучадан -
канча дан.

Турдум тиктеп, таң калып:
Бир шаар данды кучагына
сыйдырганга шул кабык.

## ЖИЙДЕ ДАРАГЫ

Шактарында өнчөй кызыл шурулар,
шападага ийет ичке сабагын.
Маани-жайын айтсам: ырыс адамга,
мандайына бүткөн баксын талаанын.

Багбан ата олтургузган кастарлап,
бараалына жеткен дарак болсо деп.
Келатасын ошол күндөн - ушул күн,
таштак жолдун бир четинде делпилдеп.

Бурагыңды чачып жаздын койнуна,
бураласын ажар ачып, сүйкүмдүү.
Карындашым Мааринаттай жапакеч -
жыты жыпар, ширин колдуу, ширин тил.

Кен өрөөндүн бир беш көкүл кызысын:
чачтарыңды жууп, тарап өрөйүн.
Долу шамал кайрыбасын бутагын -
доо кетпесин, дооран сүрсүн өзөгүн.

## ТАНИМАЙРАМ

Ар бир келген дос-мейманга,
ак дасторкон кен жайып.
Тагдыр кошкон жолдо татаал,
танимайрам ак зайып.

Тиричилик, түр-түйшүгүн,
түртүп билек, ийиндеш.
Балмуздактай эрип кетип,
башкаларга сүйүлбөс.

---

[1] Тани-дене түрк тили. Ичкилик кыргыздарда колдонулат

Бадырак тил төрөп бөпө,
Бак шаарымдын ханшасы.
Кыдыр Ата назарлаган,
Кут дүйнөмдүн капкасы.

Оттуу алакан, жайдары жүз,
Ой - сезимдин дилбары.
Аптап - чилде өмүр жолдун,
азабы да ыраатьı.

Ак дайранын толкуп аккан,
айлампасы, ирими.
Азуудагы кош данектин,
ачуусу да ширини.

Алты оролгон мойнума,
ак ордолуу жыланым.
Жазмышы көп бул жалганда,
жан жигарим, кумарым...

Ыпыраган чалкеш дүйнө,
ысыйт-муздайт тозоктой.
Мөлт деп тамдык шу турмушка,
Мөөр менен Болоттой.

Көкүрөктөн жарып көздү,
акты булак төгүлдү.
Алоолонгон ышкы деми-
танимайрам көрүндү.

Желпүүрүндөй гүлдүн назик,
жетээрим чын женишке.
Тагдыр кошкон жолдо татаал,
Танимайрам периште.

## ИЮЛЬ

Көз карашы-өткүрлүгү ийиненин,
көкүрөккө сайган найза.-
ай далынан өткөрүп.
Ирени тамылжып,
илеби ыпысык

жаш аялдын кучагындай
жанып-күйүп,
өрттөнүп.

## АВГУСТ

Таш үстүндө өскөн гүл,
чөптүн таншык ыры бар.
Суу жөнүндө созот үн,
өрөөн жарып шар аккан.

Жел аймалап жүзүнөн,
женил, ыйбаа ыргалат.
Чемирчек сөөк жаш кызга,
окшотомун бир карап.

Жай эрини ыпысык,
жагымсыз, суз өпкөнсүйт.
Дилинде жаз турса да,
имерет аны өктөм күз.

## КҮЗГҮ КАЙРЫК

Өрүктөр алган кийип,
кызгылтым «жанар» көйнөк.
Жаш жигит жолдо келет
өрүктөй ширин тилдүү
өмүрлөш жарын ойлоп.

Кен талаа кучагына
турушкан сыйбай, батпай.
Адырлар коон жүздүү -
данкаят ашкабактай.
Дарбыздын тилиги же
эзилип бышкан анар.
Элесин берип турат
кыпкызыл кыя-жарлар.

Жыты урат каңылжаарга
токчулук, бышыкчылык.
Кыз келет чакасына
суу сузуп каштай тунук.

## КҮЗДӨ

Ак буласын жел желпиген гозолор
ак пейилдүү, ак сакалдуу чалдардай.
Топ-топ чулдур чыйырчыктар чыйпылдайт
той тойлогон мадыра баш балдардай.

Чамгарактап шашма куюн-чабарман,
чан ызгытат боздук чачып дүрбөгөн.
Күз билинет тегеректин тез эле
чамбыл-ала ыранынан кирдеген.

Күн илеби тартылат да аз-аздан
аба муздап, чыйрыктырат денени.
Буурул чачтуу болуп калат бир түндө
сүлкүлдөгөн айылдын тал-тереги.

Күз баратат ынкып тойгон сүттүү уй
куйругунан учкай кармап тызылдап.
«Ай, батыраак, келчи саан болду убак?!»...
аяз муздан чака кармап чакырат.

## КЫШ ЖӨНҮНДӨГҮ ЫР

Жүрөгүмө аппак куштай кыш конду,
кар канатын желге, күнгө таранып.
Жалжылдаган жарыктыктын көзүнөн
жатат улам жамгыр эмес, кар агып.

Периштедей бул аймакка конгон куш
мин кубултуп, ажардантат ырайын.
Анын назик көрк-тулкуна суктанып
алаканым ысып-күйүп сыладым.

Үй багыма чексиз конгон бакыттай,
үр кызындай тагдырыма жолуккан.
Кыдыр кушка кымбат жолдош боломбу,
аламынбы же чоочутуп кокустан?...

Мойнундагы муз шөкүлө нурлардын
сыныгындай сыяктанат түркүн түс.
Пыр-р деп учса гүл жыттанган ай келчү
планетанын ак жолтою ушул куш.

* * *

Көздөрүмдө шам чырактай нур ойноп,
көөдөй түндү жиреп кетип баратам.
Күндөр баскан жолдорума сайылган,
көп көчөттөр мөмөсү жок карасам.

Сезим асти өскөндүгү байкалбай,
сакал, мурут, тырнак өсүп аябай.
Ырдайм кээде эч ыргаксыз, уйкашсыз,
ыйлайм кээде эч себепсиз баладай.

Калам түшүп түпсүз санаа, убайга,
жошолонуп боорум сыздап, эзилет.
Акыл нуру мөмөлөгөн мөлтүр сап
эң бир кымбат адамымдай сезилет.

Бүчүр бөртүп, гүлдөмөкмүн дарактай,
оомат келип шактарыма жаз алды.
Көксөөм - жаңгак тамырындай чыналып,
көңүл - нагыз күн нурундай тазарды.

## КАРДЫ САМОО

Январдын он жетиси,
кар жаабады «чык» этип.
Аба бопбоз, коюу туман,
жатат супсак күн өтүп.

Лыжа, коньки оюндардын
шаңдуу шаани тыйылды.
Мисирейет өң-келбети
кыш кысырбы быйылкы?

Жылгаякта шапар теппей,
бүркөк иним кабагы.
Сагыныптыр кырдан ылдый,
зуулдаган чананы.

Дарактар да сагынышты,
оронгонду кар, бубак.
Быйылкы кыш саран чыкты,
супурасы купкургак.

Январдын он жетиси,
кар жаабай биз капабыз.

Күмүш дидар карды күсөп,
кирпик какпай жатабыз.

II

Айлананы акка жууп -
түндүн сөөгү таптаза.
Мамык жондуу минип булут,
келиптирсиз, Кар ата.

Белге жеткен куудай сакал,
бешенемди сылады.
Мобереги зым карагай
окшойт аса таягын.

Ушул түнгө ак алакан -
жайган жансың, кыдырсың.
Кара чачын ак бантиктеп,
коюптурсун кызымдын.

Бой-тулкумду чулгап алды -
жылуу-жумшак чапанын.
Байчечкей гүлүмдү мен -
кучагында ачамын.

Жаш баладай сүйүнүчтөн,
мандай жарып Жер күлдү.
Ева Эненин абышкасы
Адам, Ата, сенсинби?

Айлананы акка жууп -
түндүн сөөгү таптаза.
Күз чамбылын кутка жууруп,
кош келипсиз, Кар ата!

* * *

Жүрөгүмө сыйкырдуу ышкы сүңгүп,
көкүрөктүн кендигин дүпүрөтүп.
Кыяк сындуу кыялды сыбызгытып,
барабандай сезимди дүнгүрөтүп.

Оздугун кемиреген ойнок, азоо,
карегиндей жалжылдап жаш кулуктун.
Сүйүүдөгү мүчөлүм толуп денде,
дүрүлдөймүн өзүндөй дүрүлдөктүн.

Кар жылдыздар көзүмдөн самсаалашат
ак булуттун аруусу жаайт жерге.
Мен жуунуп сүртүнгөн гүлдүү чачык
атыр жытын таратат теребелге.

Азгын ыран сулуу кыз сумсайынкы,
алаканын дарчага турат таяп.
Ким бирөөгө кастарлайт.., гүл дестедей
сагынычын, кусаасын кучак-кучак.

Көздөрүндө сабылуу, саргаюу бар
түндөр аны түйшүккө түрткөн чексиз.
Жүрөгүмө түшүрдү бир чыйыр из
көп кыйналып жүдөгөн ушул кеч күз.

Көкүрөгү бүчүрдөй жаны бөрткөн,
кыз бар үйдө жашайт нур, жазгы көктөм.
Кандай сонун! Мандайлаш күзгүлөрдөй
чагылганы сезимдер капилеттен.

## ЭРТЕ ЖАЗДА

Түк төштөрүн керген кыяны,
мышык шамал тытып, тырмалап.
А кызгалдак ойноок, шайкелен,
беш көкүл кыз сындуу ыргалат.

Жайылган мал оттойт апсыгып,
жайлоонун жаш кам сүт туланын.
Жапырылтат жерге тымырсып,
жоогазындар делдек кулагын.

Шаркыратма ыйлайт озондоп,
төбөсү менен ташка бир тийип.
Жалбырактын учу дирилдеп,
жатат жазга тунгуч ыр чийип.

Мончогу көп көрктүү балаты:
боюн түзөп желге сенселет.
Жандаш өскөн аны ит мурут
келатkансыйт бийге жетелеп.

## МАЙ

Соор айдын согончогун канатып,
май төрөлдү наристече ынаалап.
Багалекке гүл шүүдүрүм оролуп,
балдар чуркайт, кырдан ылдый ураалап.

Ынкып тойгон уйлар кепшейт тигине,
сагыз чайнап, жаткан сымал керилип.
Энелерин мурдакыдай кыйнабай,
козу-улактар уктайт төштө мырыгып.

Бадам гүлдүү көйнөк кийип түнүндө,
жолугууга баштайт гилас синдисин.
Бантик байлап алган кыздай секелек,
барик ачкан жүзүм пери кишмишим.

Тоо эмчеги булак ийип башкача,
толуп-ташат өзөн-сайга сыйбастан.
Ыйлаганын түк унутуп эми эле,
ырай менен күлө багат кен асман.

Мамакаймак, сирень, жийде буурактар,
мурунду өрдөп делөөрүтөт сезимди.
Май кучагы - кыз кучагы шекилдүү,
майин майса төшүнө урдум боюмду.

* * *

Өрүктүнүн тигиндей,
өр көрбөдүм эзели.
Жети-Көпүрөө жайлоосундай,
төр көрбөдүм эзели.

Музуроот мырза тоо,
мурда билбей жүрүпмүн.
Бетеге жыты мас кылып,
бел ашалбай күйүктүм.

Карасан менен Өрөмдүн,
кадырына ким жетет?
Аромат гүлү жайкалып,
аркар, кийик оту өсөт.

Чатыр-Таштын ар жагы,
Ак-Суу жана Кара-Суу,

Кош өзөн суудай жарышкан
өмүр өтүп барат у-ф!

Ак мазардан аппак куш,
учуп өтөт күн сайын.
Чакасы толо суу сузуп,
күлүп өтөт бир айым.

Ал айымдын дилине,
тумар таккан ким экен?
Сүйкүмүм артып караймын,
Сүт мисал байып кирешем.

Алыс жолдон чаалыкпас,
астымда азоо атым бар.
Олон чачтын көөнүнө,
орноп калар катым бар.

* * *

Жүр жүрөктүн коншусу -
жүзү нур кыз татына.
Бир ыр арнап безенет
булбул сенин атына.

Карайлычы дурустап,
айлана суз, бүркөлөт.
Кандай кайгы, дарты бар
аныктайлы экөөлөп?...

Теке мүйүз, майин тиш,
тарагыңды унутпа.
Суу чачтарын тарайлы
жомок айтып булутка.

Кана, жүрөк коншусу,
таш күзгүңдү ала жүр!
Шул күзгүдөн сүйкүмдүү
жүзүн көрсүн талаа, гүл.

Дениз түстүү көйнөгүн,
делбиресин жазылып.
Денде ойносун ышкы дем,
делбе кылып, мас кылып.

Жүр, жүрөктүн коншусу -
жүзү нур кыз татына.
Бир ыр чууруп чулдурайт,
булак сенин атына.

* * *

Сумбула чачтуу сулуу кыз,
сурадым Сизден жол дарек.
Туйгуга салды бир башка
турганың күлүп, делбиреп.

Тубаса жайнап караган,
турпатын туудай көрүндү.
Ажайып сезим серпилди -
агартып салар сөөгүмдү.

Ырасын айтсам уктатпай
ышкына кызыйт жан дүйнөм.
Тамшанткан кишмиш жүзүмсүн,
таңдайга синген бүлдүркөн.

Ай тамагын ак пахта,
аруу таң жууган таптаза.
Жалбарам, сылайм, куп өбөм,
жараткан мени жалгаса.

Баары бир жанбас жапа, дарт,
баары бир канбас кумарым.
Кош данек өрүк болмоюн -
Койнуна кошуп Кудайым.

* * *

Оо, сулуулук сага кабылдым.
Чарчы күзгү жанында
чачтарыңды тарап жатыпсың.
Гүл жүзүңдүн ажар-көркү,
ажаатына бүт чыгып.
Турдуң туйлап бет алдымда
куп кубулуп, кулпуруп.

Азада бой аруу денен,
ай көрүнүп бешенен.
Тал көчөттүн ноодасындай
манжаларың ичке экен.
Ширенкенин суу талындай

жамгыр күнү «дүрт» эткен.
Жанды бир от жүрөктөн,

* * *

...Бүгүн мен тиктим көчөт,
мойнума түштү милдет.
Арык казып, суу коюу,
олтурбай
күндү күн деп, түндү түн деп.

...Бүгүн мен өмүрлүк жар,
жөнөкөй кызга тоолук.
Балбылдайт көздөрүбүз,
бакыттын кушу конуп!

...Бүгүн мен болдум ата,
болдум жар жана багбан.
Турмушка кирип келдим:
уялчаак балалыктын
ыпысык кучагынан!

* * *

Ачуусун азуу тиштей согуп, кагат,
аскалар аяз, тондуу ызгаар чактын.
Бүлүнтпөй уруктугун кыштан апат -
бүлдүркөн, байчечекей, кызгалдактын.

Соймондоп сук жыландай бака жуткан,
созулуп адыр-кырлар ангыл-дөнгүл.
Самындап агын суулар тазарткан таш
алчадан айрымасыз тунук, мөлтүр.

Ажырап жаштыгынан жашыл ыран
арчадай, карагайдай картан чирик.
Шамалга оозун тосот анырайта,
кемер жер кескелдирик кейпин кийип...

Дарактар жалбыраксыз калган жайдак,
өндөнөм, жез кемпирдин чачын көргөн.
Куурай чөп өңү купкуу, калтаарышат -
балдарча жез кемпирден качып жүргөн.

Жай басып барам муздак айланама,
жаз чачып жүрөгүмдөн кичинекей.

Шу көктөн, окшойм жерге нур шилегич -
шумкар куш
же сүйкүмдүү чабалекей!

* * *

Даректардын өзөгүндө шашылыш -
келер жаздын камылгасы бүтүндөй.
Жарылууга аз-аз калып бүчүрлөр
тирсийишет кыздын эмчек үрпүндөй.

Кош кат болгон аппак жуздуу февраль
коёбу дейм быйыл жазды бат төрөп?
Балдар чуркайт сапар кеткен самолёт
барасындай колго кармап батперек.

Кетип барат кызыл шыйрак кайсар кыш -
кылам деген көп иштерин бүтүрбөй.
Жаратылыш терeнинде шашылыш -
келер жаздын камылгасы бүтүндөй.

* * *

Турпатында жайнап сулуулук
турат бир кыз, өтөт көчөдөн.
Айтам менен келем айталбай
бир сөзүмдү көнүл күсөгөн.

Акыр не жооп түшөр болду экен,
айды бүктөп сунган катыма?

## ЖАЗ

Ак капрон көйнөк кийип,
эшикти тырс-тырс уруп,
мен, сени келдиби деп,
энтендеп атып туруп!

Карасам ...

Бут денеси шөмтүрөп,
бутүгүй көз бүчүр, гүл.
Карек толо жамгыр жаш,
кулак толо гүрү-гүү,
келиптир Ж А З !

# САГЫНДЫМ

Сагындым жанга жагым жайлоо түнүн
шар акчу, суусу мөнкүп, чачып көбүк.
Асыл жар чачын бөлүп жик салгандай
асманды саманчынын жолу бөлүп.

Койчунун конур үнү созолончу,
селкинин козгоп жүрөк делебесин.
Түндүктөн түмөн жылдыз кашын кагып,
ай нуру өпчү боз үй керегесин.

Сагындым нымдуу, салкын жайлоо түнүн,
эскен жел - сырдуу жомок баянындай.
Аппакай мөнгү жатчу-качанкы бир
акындын актай калган барагындай.

Эсепсиз арча, чөп, гүл жыты анкыган,
эзели түн көрбөдүм ошол түндөй.
Көл жатчу - качанкы бир учурдагы,
айымдын унут калган күзгүсүндөй.

* * *

Жанымды жай алдырбай умсундуруп,
жагымдуу күлкүсүнүн шанкылдагы.
Тотуккан кыздын жүзү кызыктырат
тор парда терезенин артындагы.

Жолуксак жолдон кокус мандайлаша,
кандагы толкуу күчөп калам токтой.
Кысынып ал да, мен да айбыгабыз,
кызарып жаны бышкан боорсоктой.

Дилдеги ашыглыктын аманатын,
арсар ой, алсыздыктан калсам айтпай.
Купуя бойдон калар, жазындасы
боткогу ачылбаган кызгалдактай...

Жанымды жай алдырбай умсундуруп,
жагымдуу күлкүсүнүн шанкылдагы.
Тотуккан кыздын жүзү кызыктырат
тор парда терезенин артындагы.

## СУНУШ

Ушул тоону атасындай ызаттап,
ушул тоого апасындай эркелеп.
Жашыл арча мончокторун тагынып,
жагалданат ай чырайлуу секелек.

Түгөнбөгөн ырын сүтак кайталап,
түн бөктөрөт канатына жарканат.
Жаш кыздардын жамалынан өбалбай
жашыл кырлар, кызыл кырга айланат.

Көпкө турбай жүрчү сүйүүм калаалык:
көнүл-дилге ыр-уютку уютуп.
Ак жалынга айланышып кетишсин
ак мөнгүлөр, мөнгүлүгүн унутуп.

Жоогазындан жоолук жасап түйгүзүп,
жорго тандап жеткирейин мингизип.
Ак гүлдөрдөн атлас көйнөк кийгизип,
алпарайын аргымакка мингизип.

- Каалайсынбы карындаш?!

* * *

Түн. Купе.
Төрт орун бар
Биз экөөбүз.
Така-тук, така-тук, така-тук
Теминет темир тулпар
А сыртта кар.

Айкарандан төгүлгөн кош өрүм чач,
Өйкөлөт бир-бирине төрт иймек каш.
Төрт колдун он салаасы айкалышкан,
Төрт көздүн жан оттору арбалышкан.
Төрт кулак төкпөй-чачпай шыбырды
шакар-набат жыргап угат
Төрт таноодо ысык дем,
темир жол, поезддей жупталышкан
Сен жана мен,
Төрт эринде эрип эки тил,
Эки дил,
этет дир-дир...

Таң атып, күн да чыгар,
аркалап жыгач, кирпич, турпак дубал.
Куйкалап кудуреттүү ышкы кумар,
Биз болобуз
үч, төрт, беш, көп...
Поезд термеп бешиктей,
Көкүрөк өрт.

Түн. Купе.
Төрт орун бар
Азырынча биз экөөбүз.

* * *

Шул талаанын беш көкүл кыздарындай,
каткырыгы гүлдөрдүн шарактады.
Куу сөксөөлдөр, шыбактар, жашаң чөптөр,
кулактары делдейип карап калды.

Гөзөлдүктүн шаасы, падышасы,
гүлдөр бүгүн өзгөчө өн-маанайда.
Майрам күнкү көйнөгүн кийип алып,
мотурандап жөнөштү алда-кайда.

Күн жол берип кылактап баратса алар
ким батынып коё алат кине, айып?
Жан кумарын жазгысы келген окшойт
Жапырт айыл,
шаарга кирип барып...

* * *

Жүз көрүшүп калдык кайра капыстан,
жүрөгүбүз кош тулпардай жарышкан.
Энчибизде экөөбүздүн нaристе,
ыраңындай аруу, таза агыш таң.

Кол тийгизүү ырас сага чоң күнөө -
койкоёсуң, жеңил басып делбиреп.
Бек тартылган бел куруңдан кучактап,
бет маңдайлаш арзуу айткым келтирет.

Айттым азыр. Уктуң муюп олтуруп,
дил сөздөрдү бөлүп-жарып, кеспедиң.
бир көйнөктүн ак кайрыма жакасы -
дирилдеген аяр, дилбар кептерим.

Мейли эми, хрусталдай бой-тулкун,
кирпигине чан конбосун кымындай.
Эс-көнүлгө нур себелейт элесин,
Есениндин ышкы толгон ырындай.

* * *

Сени сүйүү мага болду эн азап,
сүйбөөгө жок эч кудурет, аргам да.
Жамалындан жалгыз ирет өбө албай,
жаштык өттү кайгы менен арманда.

Каттарымдын барактары аппакай,
карарганын билем, күлгө айланып.
Тээ аскадан ашат дагы ...
Пардасыз
терезеден жүзүндү өбөт Ай барып...

Машакатка салып мүшкүл сар-санаа,
максат ойду, үмүтүмдү бүлүнттүн.
Тээ чыгыштан чыгат дагы ...
Жай гана
терезеден жүзүндү өбөт´күлүп Күн...

Болалбадым аларчалык өтүмдүү,
боорумду эзип боздотууда кайгы, ырас.
Менин сүйүүм ошол Ай, Күн нурлары,
үйүнөргө уя салган карлыгач...

* * *

Биз окууну бүтөр жылкы жайында
асфальт жолдо окуудан сон кечке маал
аяр басып келгенибиз айылга
- Эсиндеби, аяйым?...

Ажарданып кызыл нур жүзүн
айтаарындай кызык сыр
Акырын ийилдин да дедин сен:
«Жүгөрүлөр бала байлап калыптыр».

Андан бери...
Жүгөрүлүү жай канчасын узатып,
канча аяздын каарына карыктым.
Жүрүп-жүрүп ...
Жолугуштук жолдо шо
Жүгөрүдөй бала кармап алыпсын.

## СҮРӨТ

Жайылып таң ааламга ак барактай,
сайылып күн желеси калем саптай.
Асыл ыр жазып кирди жаратылыш
алиге эч бир акын келген таппай...

Күчтөнүп жер жемирет өзөн суусу,
жээгинде гүлдүү бадам жаш келиндей.
Эң мукам күүнү күүлөп биз угалек,
эң назик бийди бийлеп жатты эгиндер.

Көгөрүп беде жайдай чексиз асман,
көрүнөт чөп үймөгү мандайдагы.
Бажырайган түркүн гүл таажысынан
бал жыйнап түйшүгү күч асел аары.

Конуз да, кумурска да табылгасын
уясына тарткылайт тырбаланддап.
Ийнелик жүрөт тентип ары-бери,
илмийип бекерпоздук ырын ырдап...

Бүтүндөй тиричиликтин миң бир сырын,
бул аалам күн көз менен турат карап.
Бактылуу, нагыз сулуу мажүрүм тал -
баратат жолугууга чачын тарап.

* * *

Шыбак жыттуу, гүл-чөптүү, бак-дарактуу,
кыйыр-чексиз талаада тыптынч, кенен.
Көрүнбөгөн эч көзгө жашайт кыймыл,
Кулакка угулбаган добуш менен.

Шамал шашат дикилдеп кайберендин
улагындай арыгын элпек таштап.
Анын үнүн тыңшасаң кандай мукам,
анын тулкун сыласаң кандай жумшак.

Эркелетип чөптөрдүн мурдун чымчып,
эжесиндей талдардын тарайт чачын.
Жүзүм сылап пахтадай салаалары
жүрөгүмө менин да абдан жакын.

Эрке кыял, шашмалык мүнөзүндө,
балалыктын жыты бар нур сиңирген.

Сууй түшүп көнүлү бирдемкеден -
жаш цыгандай таборун таштап кеткен.

Балким күндүн кыякчы, чоорчусу,
бүт дүйнөгө ыйгарчу пакизалык.
Бирин-бири жүрөктөн ысык сүйчү
талаа экөө а мүмкүн ... Эрли-зайып.

* * *

Дайранын шанын жутуп, үнсүз гана
жатамын эстеп сени.
Боорлоп кеткен чыйыр too жолунда
беттешип калбадыкпы кечөө күнү.

Жүзүңдөн туюп турдум толкуу шаанин
жана да уян, назик күлүңдөөнү.
Канчалык карманайын десем дагы
калтырак кетпей тулку, үнүмдөгү.

- Саламат жүрөсүнбү? - салдым суроо
- саламат ... - үнүн чыкты толкуп, шашып.
Шапайынкы ыранын азгын, жүдөө,
мурдакыдан калыпсын бойлуу тартып.

... Үй куруп ойноочубуз эсиндеби?
Тепилдек «байбиче» элен.

А «чалын» мен.

Көп эле «балдарыбыз» жасап алган -
куурчактар кыркынды кездемеден.

«Сүйдүрүп» куурчак уулга, куурчак кызды,
жаздыкташ жаткырчубуз «баш коштуруп».
Адамдык чон турмушту андай билген
шол сезим экен таза, аруу, ыйык.

Кудум сен окшой түштүн баамымда
күн өпкөн нур таажылуу кызгалдакка.
Апакай ниетин бизге билдиргенсип
аскага сүйөнүп турду күндүн ээги.
Дайранын шанын жутуп үнсүз, ойлуу,
жатамын эстеп сени.

* * *

Канча ырды чын дилимден кылам тартуу
Окуур деп качандыр бир түшсө көзүн.

Чагылган тийип күйгөн арча шактай
чатырап алоолонот көкүрөгүм.

Күн бою күйүт тартам күйүп-бышып,
түнкүсү андан бетер мага кыйын.
Сага эч жетпөөчүдөй эмнегедир
кудайга жеткенде да зарлуу ыйым.

Тамырда кан аркылуу агып сүйүү,
жүрөктө өчпөс оттой жанып сүйүү.
Бүтпөгөн жазуусундай жазуучунун,
бүтпөгөн сүрөтүндөй сүрөтчүнүн.

Жүрөктү мыкчый-мыкчый эзет күйүт,
эзелтен кеги бардай, өчү бардай.
А сүйүүм мөлтүр булак сен ууртабас -
аягын астындагы аппакай кар ...

Канча ырды чын дилимден кылгам тартуу
качандыр окуур го .., деп түшсө көзүн.
Чагылган тийип күйгөн арча шактай
чатырап алоолонот көкүрөгүм.

## ЭТЮД

Кызматымдан келе жатсам:
кызарып чекке күн чөгөт.
Тоолук кыздын мойнундагы
мончогундай мөлтүрөп.

Чарпаяда чалка жатсам:
мандайымда ай турат.
Алп асмандын төшүндөгү
медалындай жаркырап.

Көздү уялтып күн саарында:
көтөрүлөт нурга бай.
Бийик аска кулагына
бирөө таккан сыргадай.

## БУЛАК

Жүрөгү ооруп тоо жүдөйт
оргуп-оргуп акпаса.

Карегиндей наристенин
кандай мөлтүр, таптаза!

Сыбызгыйт үнү чопо чоор -
сыяктуу жаз, кыш, конур күз.
Чубалжып ылдый агышы
чачындай кыздын өрүүсүз.

Андаганга жакшырак:
аягы женил жаш улак.
Жер косторуп баратат
жез конгуроо «шынгырап».

....Кетти имерип койнуна
күркүрөк дайра атасы.
Кучагын жайып күтүүдө -
алыскы Океан апасы.

* * *

Көөдөй түндү сүрүп таштап баятан,
тан дандырдай аалам койнун агарткан.
Кыз кызарып түшүн эстеп жылмая
суута жүзүн чайып кайтат шар аккан.

Таш күзгүдөн карап коёт чырайын,
атыр жыттуу ак сүлгүсү колунда.
Коншу абышка ээк кагып айтат маа:
«Жылдызы ысык ургаачы бар жолунда».

Үйрүндөгү бээ түштүбү эсине
астымдагы ат кишинеп, бышкырат.
Типтик ылдый чууруп аккан мөл булак
тили менен кууругансыйт «бадырак».

Топудай бир боз чымчыктын уясы
суу шарынан жарым карыш өйдөрөөк
аран турат.
                    Ичи толо балапан -
тирүүлүктүн «базарчасы» өндөнөт.

От койгондой оозуна дандырдын,
чыгыш тарап жошолонуп кызарат.
Тыз-тыз этип бетке шактар чабылат,
тийген сымал ичке, назик шапалак.

* * *

Сагынычым сага айталбай,
бүгүн күндү жалгыз батырдым.
Жылдыз толо көктөн көз албай,
таңды дагы жалгыз атырдым.

Капалантып аруу көңүлдү,
кат да келбейт сенден негедир.
Көздөрүмдө толо ачуу жаш,
көөдөнүмдө толо сары зил.

Супурадай өңүм ак куба,
сууп маанай кеч күз желиндей.
өмүрдү ырга, шатка тундуруп,
өтө аламбы ыйга жеңилбей...

Азыркы ушул менин абалым:
канатынан майып каркыра.
Жайкы куйук, суусуз сарталаа,
күн тийбеген тайга, тундра.

...Көрүнүшү кудум өзүндөй
көтөрүлдү тиги ай кырда.
Акыр келер жашоо көктөмүн
алдыртадан жүрөк туюуда.

Бул ишарат жанды сооротуп,
ишеничке толду көкүрөк.
Балким мага келер чоң бакыт,
чоң дайрадай толкуп кечирээк.

* * *

Түндүктөгү чыкпас күндөй үч-төрт ай,
түпсүздүккө синип кетип тунгуюк.
Ак баш тоодо капысынан кезиктин
ачылалек каттай калың сыр уюп.

Көздөрүңдүн чарасында жык-жыйма,
көлкүлдөдү мээр-ышкың чайкалып.
Чыйыр жолдуу айрылышта олтурдук
чын жүрөктөн дидарлашуу байкалып.

Түпсүз оюң, түркүн кыял, мүнөзүң,
түшүнүгүң өзгөрүптүр аябай.
Жоодураган калыбымда кылчалык,
жолугуудан турдум кумар тарабай.

Акырында алыстадын, коштоштун,
арт жагына из калтырып үтүрдөй.
Кеберсиген чөл-эриним тер жутуп,
кезигишин каалап калдым күттүрбөй.

Түндүктөгү чыкпас күндөй үч-төрт ай,
түпсүздүккө синип кетип тунгуюк.
Ошол тоодо жолугарсын жана да
окулалек каттай калын сыр уюп...

* * *

Жүрөктөн ырдоо зарыл болсо дагы
азыр мен сезим күүлөп ырдап жатам.
Астымда ныксыраган даркан талаа,
үстүмдө нур чайканган ачык асман.

Ийрилип тоону көздөй кеткен жолдо
илгери кадам таштап демигемин.
Жүзүмдөй мөлтүрөгөн кыз жолукса
жүлүндү таарып өтөт ысык сезим.

Тенирдин бетин гүлдөп сансыз жылдыз,
айлымдын жанды электир чырагындай.
Алдыда мени утурлап тан келатат -
алманын күз тазарткан ыранындай.

Сызылып агып чыгып жүрөгүмдөн:
сагыныч кан-тамырга, бойго синген.
Дарактай кенендикке кучак жайып,
данектей жарып чыкмак сөөгүмдөн.

Аймалап тоонун жели өптү беттен
коонундай тордоп калган коончунун.
Узарат эн алыска чандуу боз жол,
кызарат эринимде бир тал чылым...

* * *

Чыр-чыр эткен телефондун,
трубкасын көтөрдүм.
Даана угулду деми менен
өрөөпкүгөн тааныш үн.

Дене-бойго ток тараткан
ушул үндү жактырам.
Айтарга сөз табалбастан
апкаарыймын, жалдырайм.

Туптап алды бар эркимди
делөөрүткөн өрт сезим.
Ыкчамыраак өзүмдү-өзүм:
ырастайын, түзөйүн.

Эй, табийгат, кылчы жардам
келсин тилим ийкемге.
Кантип сүйлөө керектигим -
үйрөтсөңчү гүлдөргө...

Чыр-чыр эткен телефондун,
трубкасын көтөрдүм.
Угулууда деми менен
өрөөпкүгөн ошол үн.

* * *

Жарым жатат чалкасынан кош бойлуу
ак көйнөкчөн курсагы анын. «көк тиреп».
Анда бөпө чыргоолонот окшойбу
жарыктыктын дарбазасын тепкилеп.

Оодарыла сылап чардан курсагын,
ойлуу жатат каш-кирпигин ирмебей.
Төрөлелек балам мага туюлат
ачылалек кутудагы дүйнөдөй...

Жарыктыкка келе жаткан наристе,
экөөбүздүн зор кубаныч, бактыбыз.
Балким уулдур карапайым. А мүмкүн
үйүбүзгө чаң жуктурбас жакшы кыз ...

* * *

Шайтан келип мойнума минип алып:
жетеледи кечеге, үлпөт-тойго.
Жетеледи көчөгө «суюк аяк».
Жээритти рас, достон да жандай көргөн,
Стакандап, чыныдап сунду арак.

Шайтан менин мойнумда дооран сүрдү:
курттай кыйнап кемирди эт-сөөгүмдү,
бийлеп мээни,
бийлеп мени.
Топоздой нык семирип, так секирди.

Жетет эми!
Ажырашкыс дос бололу кайра экинчи,
кен жайып кучагынды,
канакей, бери келчи
акылдын периштеси.

* * *

Түсүн кара ичин экен ошондой,
туруп калдым ирик ойдон бошонбой.
Калпты- чынды койгуладын күпүлдөп,
кылдай дагы кызарбай да бозорбой.

Какшап, сыздап бүт клеткам , сөөгүм,
кыйла саатка кемий түштү өмүрүм.
Үшүк урган жалбырактай дирилдеп, -
суук сөздөн жапа тартты көнүлүм.

Кабыргама тийип миздүү айбалта,
көкүрөктү тилип кирди курч араа.
Мени издеп жүргөнсүйт шул арада,
бош табытты жүктөп алган араба.

Жүрөгүмдү сыялаган сөздөрдү
жутуп-жутуп бой-тулкума синирдим.
Мынчалыгын билишпесе керектир,
жыландан уу жыйноочулар тилиндин.

# АРНООЛОР

## УМАРГА

Кез-кез барып турмуш жайын көрөмүн:
балдарыңдын «мудинасын» өбөмүн..
Аз келесиң биздин үйгө чолоң жок,
ашпатасы Төрөкулдун, Сүйөрдүн.

Каргадайдан моюндашып тең өстүк,
жолдон кимдер жоролошот, кезигет?
Менин ырым укпай койду Карачач,
сен сулууга жетпегенсиң Пазилет.

Аягыңда кырк үчүнчү керзовой,
пахталуу шым, май купайке «мал табар».
А астыңда К - 700 трактор,
бар шайматың сенин ушул аркалар.

Жерди омкоруп «мээ чыгара» айдайсың,
түнү-күндүз тынчыбайсың, талбайсың.
Темирде көп иштегениң үчүнбү,
«темир жандуу» болуп досум калгансың.

Шайым сен, «темир жандуу» боло көр,
сенден өнүп, ачсын гүлүн талаа, төр.
К - 700 тулпарыңды камчылап,
Түк калтырбай бой-тулкуңда арам тер.

О, ошондо муратыңа жетээрсиң:
мээнетиңдин бүт чыгарып эсесин.
Колхозчулук сыпатыңа суктанам -
кутка жууган бир айылдын кесесин.

## АГАЙЫМ ЭРАЛИ ТОКТОГУЛОВКО

Айдай максат-ой артынган инсансыз
айткысы бар адил сөздү дил кушум.
Асыл тилек, ак мээнеттин үзүрү,
артыңызда пурдуу чыйыр жол узун.

Журт ичинде Сиздей Дүйшөн көбөйсө,
заман нугун бузмак эмес кымындай.
Байтеректей өсө бермек оож алып,
дөөпөрөс бай, көзү ачыкка сыйынбай.

Борбордогу КСЭде да кылып иш,
боор толготуп жаратkансыз чыгарма.
Айткан акыл-насаатыңыз кастарлап
алып жүрөм аздек сактап тумардай.

Аксакалдык жаш куракка келипсиз,
ана-мына дегенчекти моминтип.
Көрк болуңуз, шул чөлкөмгө көл мисал,
көкүрөк-көздөн мээриңизди төгүлтүп.

## АКАДЕМИК АБДЫЛХАЙ АЛДАШОВГО

Ачарчылык, апат, сенек жылдардан -
Сиз бүгүндү келген Адам асырап.
Калк оозунан Манас сөзүн, а гүлдөн -
калтыс дартка даба жыйнап ар убак.

Жетимиш жаш жергем менен канатташ -
жеңил басып, акыл айтып, дем берип
Окумуштуулук сый-урматтын ээсисиз
ой-максаттын ортосунда тер төгүп...

## КАРИМ ТАШБАЛТАЕВГЕ,

*Кыргыз республикасынын Жогорку Кеңешинин үч жолку депутаты, партиялык, советтик, чарбалык ишмер.*

Жаш кезинде калып атасыз,
Кар, жамгырда басып катасыз.
«Зоотехник» бала аталып,
Өскөн өйдө акча, матасыз.

Курчуп улам талбай кайралып,
Кумарланып элдик зор ишке.
Ферма, раис, катчылыгында,
Кадам койгон дайым жеңишке.

Күнбү-түнбү түрүп билекти,
Арнап журтка өмүр, жүрөктү.
Ашуу ашкан, бийик туу белде,
Алоолонгон оттуу күн өттү.

Карапайым малчы, дыйкандын,
Көөнүн тапкан, калыс, тең карап.
Кемеңгерлик сыпат күтүнгөн,
Көз бирөөчө жүрбөй кайкалап.

Энчилешип Сизге Алладан,
Эң жонокой сыпат башчылык.
Кужурмөндүк демден тайыбан
Гүл өстүрүп ташка-ташты уруп.

## ИСХАК РАЗЗАКОВГО

Агача-Булак, Май-Тоңбос,
ар дайым жүрөк-көөнүңдө.
Кынтыксыз бүткөн агатай,
кыргыздык намыс сөөгүңдө.

Жаралып элдик ишенич,
жаныңдан миндиң ак тулпар,
Өрнөктүү өмүр өткөрдүң,
ороонду, тоону аралай.

Бай эле сенде ой-сезим,
бар эле акыл, тунуктук.
Устатың Усман Юсупов,
Фергана канал куруштуң.

Алоо от согуш жылдары,
Уктабай күнү-түн бою.
Кароосуз калган балдардын,
камын жеген дил-ою.

Министрлик чоң кызмат,
отузунда багынган.
Темирден бек эрк сүрөп,
тең жарылдын агындан.

Ачарчылык кезинде,
кан чыгара иштедиң.

Али да көптү толкутуп,
арбытат жолун жигерин.

Баш калаага ачтын да,
басмакана, академия.
Окшоп турдун өзүнчө,
окторулган дарыя.

Комуздун үч тал кылындай,
конур үн, чечен тил менен.
Тоолук эл үчүн кылдын иш -
Токтогул ГЭСин түптөгөн.

Таасирдүү Ленин орденин,
тактын кыргыз төшүнө.
Ак ийин бүркүт көрүндүн,
Азиянын көзүнө.

Ак ийилип сынбады,
идиректүү инсансын.
Карапайым калкка хан,
жазуучуга илхамсын.

## РЫСПАЙГА

Узун-кыска сабындай акындардын
сен узарып келесин.
Мен кыскарып.
Биз басабыз биргелеш чак түштөбү,
же кылтылдап батарда күн кызарып.

Жазда барсак айлына эки-үч киши,
жан шактарын теректин жатты кыйып.
Сүлкүлдөгөн боюндай чыбыктарды,
сүйрөп-ойноп жаш балдар ат кылышып...

Алтын өмүр кыйылып чырпык сынар,
андан бери кыйла жыл бөктөрүлдү.
Маалынан кечигип биз өткөргөн,
максат барат зуулдап, ата көрү!

Турмуш салган моюнга моюнтурук -
ар ким тартат алынча арабасын.

Бай теректей бийиктеп өс-өсө бер,
балдарыңды жетектеп санаалашым.

Билем сенде сырдана ийги мүнөз,
жүрөк кылын чертүүчү асыл туйгу.
Улуу муун калтырган гүл турмушту,
ырдап, сүйүү парзыбыз акын курбу?!

Ал парызды сен кандай кабылдайсың,
а мен болсо канткенде өтөй алам.
Жылдар бизге молчулук алып келсин,
кургакчылык - ажалдан өткөн жаман.

## ЖОЛОНГО

Отту сүйүп, кыз сүйгөн акындыгын,
Оңол тоодой көрүнгөн баатырдыгын.
Эл эсинде. Эзелим эстен чыкпас
чоң-кичүүгө, жат-өзгө жакындыгын.

Аистандан аянбай жазганын бар,
алхимиктер тарыхын казганын бар.
Дүйнөлүк сөз артынан сая түшүп,
адрилдеген даракгай азганын бар.

Дүңгүрөтүп ыр окуп кечелерде
дүркүрөтүп кол чабуу угуучусун.
Ош четине түптөлүп орноп калган -
так Сулайман сынары туруучусун.

Картинаны кадалып карар элен,
каректерин жалжылдап, артып сугун.
Жамалы орт гүлгө окшоп кетер элен,
жакасына тагылган жаш сулуунун.

Табылдынын, Сагындын укканда ырын
тамшанганын көргөнмүн сүйүнүчтөн.
Нардай бийик жол ачтын келечекке
канат алып керемет улуу күчтөн.

Сабын бапат. Поэман чалкар мухит.
саптарды оболой жайып канат.
Кемтемеңди биз сенин толтуралбай
келатабыз шол күндөн канча талант.

## Акын КУРБАНАЛЫ САБЫРОВГО

Козу-Баглан бүгүн не ыйлап агат,
чопколонуп түтөгөн, киргилденген.
Көкүрөгүн ташка уруп туталанат
көнүл эзген кайгысын ким билди экен?...

Өйүп күйүт, үшкүрүк өзөгүндө
өрүкзарлар сумсаят жалбырактуу.
Кум ойноптур нур булак көздөрүндө
дайра байкуш ичинен онтойт дарттуу.

Өзөндөгү дайрадан баштап баарын,
өрүкзарды аралап өскөн акын.
Өлкөсүнөн тоодактай учту беймаал -
өмүркана аталган жарыктыктын.

Кырк экинчи жылында төрөп койгон.
Кыйын кезде...
Орокто байкуш эне.
Мөлтүрөгөн туптунук дил, ышкылуу
мөөр басылган тилине перзент эле.

Козу-Баглан мункаып, өксүп ыйлайт,
тунук тулку карарып, киргилденген.
Көкүрөгүн ташка уруп туталанат,
көнүл эзген кайгысын сезсең эгер!...

**II**

Чыркыратып балдарынды, жарынды,
агаин-тууган, эненди.
Айылындын четиндеги кабырга,
түбөлүктүү калтырдык биз сени эми.

... Барып-барып, шор жаш кургайт, токтойт ый,
Унутулат зор жоготуу кайгысы.
Көр үстүнөн тешип-оюп, кар жамгыр,
көкүрөгүнө жаай берет жаз-кышы.

Козу-Баглан күүсүн угуп. Көрбөйсүн
өрүкзардын гүлдөгөнүн, бышканын.
Илеби ыссык талантына баш ийген,
ичтен сызып сөөктү эзет кан тамыр.

Жаңырыгы ташты жарган чагылган,
жалын бүркөт жүрөгүндүн отундай.
Жарыктыкка жетпей калган ырларын,
жатканына өкүнөм гөрдө окулбай...

* * *

Турар, Жолон, Курбаналы, Калдыбай,
кай жылдардын бүктөмүндө калдынар?
Арамзаны, бутпарасты жек көрүп,
алоолонгон жашоону ырдап жаздынар.

Кирдүү дүйнө ылайлатып сезимди,
Кирпик, кабак конгон бубак кыш болуп.
Арман, сүйүү, ызаа артынып кеттинер,
Аркы дүйнө карай сызган куш болуп.

Сынатынар эле тунук, асылкөй,
Ширин эле мөөр тилдүү көмөкөй.
Элдин ичи бөксөрүнкү оншойот -
Эне эми силердей уул төрөбөй.

Ошол тоодой жоготуунун ээсимин,
Ой жемирсе көкүрөктү түн узун,
Күмүш шыңгыр үнү менен жылаажын -
Ким Ырыспай боло алат мен үчүн?

Билип байкап тураары ырас жаш-кары,
Бул дүйнөнүн мен да кетээр каптары.
Кейин, ыйлап үңкүрүгү таш жараар -
Келер күндүн ташпай калып ак таңы.

## ЭНЕМДИН СӨЗҮ

*Күтүүсүз автокырсыктан каза болгон карындашым*
*Маариттин жаркын эстелигине*

Акырын... түргүн түнсүз бейпайга,
жан оттоон үгүп, үүгүп, эзилдим.
Коога түшүп, түп эмизди биздин үй -
кош кычыгы булак болуп көзүмдүн.

Издеп чыктым дабалыкка мумия -
бүтөлөбү омуртка, бел, акырек?
Маңдайына балбылдаган манат күн,
ырыскына кетилбеген ай тилеп.

...Кайберендин улагындай каралдым,
кандай каргыш үзүп өттү жүлүнүн?
Үзүлгөндү улап алуу бар болсо,
жан кумарын кангычакты жүгүргүн...

Бүтүнү жок жаш чемирчек тулк-дене,
жалдырайсын, жанын кучтөп жылмайып.
Өчпөс такты көкүрөккө салдын да,
Өчүп калды жүрөгүмдө ак жарык.

Түшүмдө сен ... баякы эле бойдонсун,
оорубайсын, онтобойсун.
Эликтей
так секирип ойноп-кетип каласын
энен сага жалбарганын эшитпей...

## ТУН УУЛУМ АКЫЛБЕККЕ

«Шак» дей түшүп кулагым,
«тарс» дей түшүп көөдөнүм.
бир суук сөз келип тийди:
кулагым жанырып кетти
көөдөнүм жарылып кетти.

... Тынч албай колдорун чапкылап,
тыбырап буттарын чапчылап.
Сүйүнүч көөдөнгө түнөтүп,
сүйкүмдүү жатчусун жоодурап...

Чон атан, чон энен, мен, апан,
баарыбыз боздодук, өксүдүк,
согуудан калды да жүрөгүн,
соолуду карегин кош кудук.

Кыйла күн - «инимди таап бер?»
деп ыйлап кыйнаса Сабытбек.
Алдадык жубатып: - «Базардан
ал, сага көп алма апкелет...»

Арс ажал кепиндеп сөөгүндү
ак тилек гөрүнө көмүлдү.
Биз сага тартуулай албадык:
ичер суу, көрөр күн, өмүрдү.

II

- «Эркинимдей, Эркин кайдан табылат ?!...
деп эзилип ырдаар эле Турдалы.
Бул айрылуу көкүрөктү зилдетип,
боор этимди мыжып салды, бурдады.

Устарадай жүрөк тилди курч сезим,
пил салмактуу ой ныгырып үстүмөн.
Терецимден кайнап чыккан күйүттү,
түк басалбай түтөп, түтөп үшкүрөм...

Өңгүмдү өрткө алдырып айласыз,
оксүй, оксүй өнгүрөдүм жан уулум.
Алты кабат асманга учкан ак кушум,
океанга чөккөн эсил кайыгым.

# СЕГИЗ САПТАР

Жан үрөп тракторчу мээнеттенсе,
жалпыга каалап соолук бекемдигин.
Мага шу туюлгансыйт мотор үнү
маршындай менин камбыл Мекенимдин.

Жумушчу тердеп-тепчип кылса жумуш
өкүмдүк күчөп адал күчүндөгү.
өзүнө станоктун окшой түшөт
өлкөмдүн жүрөгүнүн дүкүлдөгү

* * *

Танды күтүп уктабаган кызыл көздүү ак короз
мойнун созуп, ачыркантып мекияндарга
кыйкырат.

Кары кемпир суугa барат жалгыз чака көтөрүп
карегинин кычыгында чолок жашы жылтырап.

Эң алгачкы келин болгон кези келет эсине
абышкасын аяйт ойлоп сөөгү эскирип
каржайган

Алалган жок бир да келин казат кайтпай
уулдары

аппакай гүл - саамай чачын жел өпкүлөйт
мандайдан.

* * *

Минип алып ак жал толкун аргымак
Козу-Баглан жөнөйт чөлкөм, өрөөнгө
Жүзү нурдуу күтөт даркан талаалар
Жүзүм кызын, дарбыз уулун төрөөгө.

Дайынынды таппасам да үмүткөр,
Дайра жээктеп келем учсуз сапарда.
Биздин сүйүү өмүрлөргө себепкер -
Жаратаарын билем кызыл, ак алма.

* * *

Тоотпостон кыш тозонун шанданып
тоону көздөй ат айдалса танданып.

Алай-дулөй борошого бет тосо
акын турат ыр жазууга камданып.

Ал ангыча токтоо мүнөз жылкычы,
тоо боорлоп баратканы көрүнөт.
Акын көнүлү журт уулуна баш ийе,
жүрөгүнөн ыр саптары төгүлөт.

* * *

Жапжашыл түздө майсандуу,
жамырап козу, улак, тай.
Жарыктык асыл азыгы,
нур оргуган булактай.

Тирсийген селки эмчегин,
тим койбос өөп, чымчылап.
Төрт мезгилдин ичинен,
саратан «шайтан» - күн чубак.

* * *

Бөтөлкөбүз үстөл үстүндө,
Дос экөөбүз келдик-бах, чиркин!
Жашчылыкта керек жазылуу,
ичип-жыргап, ырдоо,
күлүндөө.

Бөтөлкөбүз төрдө жамбаштап,
бөдөнөдөй бөгүп экөөбүз.
Шылк жыгылып, кустук алдастап...
Бөтөлкөбүз төрдө жамбаштап.

* * *

Убада бердин мага,
бардым сага.
Башка бир ишин менен кезикпедин.
Бейкапар түн түшүмдө калдым көрүп,
белгисиз айылдын бек эшиктерин.

Кайрадан убада алып,
келсем кечте,
Кандайдыр ишин менен жолукпадын.
Дал ошол түнү көрдүм түн түшүмдө,
дайынсыз аска-зоонун оюктарын...

* * *

Баланын ырайындай эрте таңда
олтуруу кандай жакшы.
Бабанын чачтарындай тоого үңүлүп
ой куруу кандай жакшы.

Сулуунун көйнөгүндөй түндү сылап
сырдашуу кандай жакшы.
Эненин көздөрүндөй күн кубаттуу
ыр жазуу кандай жакшы.

* * *

Бак ичинен куп келишкен көрдүм жаз,
Кыз жытындай төгөрөктөн жыт аңкып
Белгисиз бир жапан тилде чымчыктар
безеленет, канаттары нур шапшып.

Карай калам кой көздөрүм аландап,
Каламбы деп сени көрүп шу бактан.
Муюп ширин сөздөрүңө. Эсимде
мурдум тердеп турган учур плащчан.

* * *

Жагымдуу таң жаралса. Кечтер келер
жазыксыз азиз жанды ыйга малып.
«Жалп» этип өчөр замат өрттүү көңүл
кайрадан касиеттүү өмүр жанып.

Татына таң таралса. Баар табар
турмуштун дөңгөлөгү кыяланып.
Тарыхтын табышмакчыл томдорунан
дагы бир актай барак сыяланып...

# ДИЛ ЧЫРАК САПТАР

## 1. БАЛА

Көмөкөйдө мөөрү бар,
көз мончок же бой тумар.

## 2. ЖАШТЫК

Тар капчыгай койнунда аккан,
кечүү бербес күү дайра.

## 3. ТАШ

Буйруганы болсо керек тагдырдын,
сенден муздак сезимдерге кабылдым.

## 4. ТҮШ

Аралатып ажайып дүйнө-төрдү,
сыр ачкычы деп колго түймө берди.

## 5 ,

Шабдаалы гүл көйнөк кийип,
шашып келди быйыл жаз.

## 6 .

Дүмүрлөр -
өлүү тамыр бейиттери.

## 7 ?

Эмне коога, не сыры бар чынында,
шакылыктаган сагызгандын ырында?

## 8 ...

... Сүйүп калдым шамалды жаш жубайдай,
жер шыпырып этеги делбир эткен.

## 9 !

Оо, дүйнө чалкар дениз -
сени көрүп селейип эсим ооду.

## 10. 35 ЖАШТЫН ЫРЫ

Кап десен!

Кайрылбай кетти биэден,
кызыл-ала автобус кыздар түшкөн.

## 11. КЫШ

Каргалар,
каргалар,
кангалар,
кар үстүнө тамган тамгалар.

## 12. ӨМҮР

Астананда өлүм турат,
ач карын иттей акмалап.

## 13. МЕНИН ЖАЗЫМ

Гүл жытынан айланса башын,
ал -
менин жазым!

## 14. ҮЙ

Үйүп келем толтуралбай ичинди,
какмай болдун отуз эки тишимди.

## 15. АЙ

Бейнесин самап жүзүндүн,
бетинен көрдүм күзгүнүн.

## 16. АРМАН

кеттим качып сенден,
качтым андан,
баарынан.
Кыйналдым абдан
өзүмдөн-өзүм качалбай.

## 17. БИРӨӨ

Калдым асти жактырбай,
көбүрдү самын, шампундай.

## 18. КӨПҮРӨ

жүрөгүнө бир сулуунун -
жүз жыл салып бүтпөдүм.

## 19. ТОКАРЬ

жан салган темирге
Дөөтү[1] болуп көрүнөт
кай бирде.

---

[1] Дөөтү - темир устачылык пайгамбары.

## 20. КЫШ ЧИЛДЕ
муз, кар, ызгаар төгөрөк
муздаткычтай өндөнөт.

## 21. БУЛБУЛ ҮНҮ
бүртүгүндө бийлеп турган канымдын -
керемет симфониясын.

## 22. ТУРМУШ
ачуу-таттуу, эски-жаңы
«Аргументы и факты».

## 23. САБАКТА
Эжекейдин сөзүнө
эшилет бала.
Эки көзү сырт дүйнө
тешилет бала.

## 24. ЭҢ СӨӨ
Эх, десең,
Таш терип, ойноп, суу кечкен,
тай күлүк кезим келсе экен.

## 25. МҮНҮШКӨР
Бүркүт кондуруп алган -
кем эмес хандан, шаадан.

## 26. АВТОР КАДР
**1**
Куш канатын сыладым
куп, куп кумарланып.
Карегимден жаш чыкты -
катып калган дубал жарып.

**II**
Сага асырап келдим -
беш тал гүл жыты, куту менен,
берешен талаа, асманды кенен.

**III**
дарак болдум -
кыш-саратан азабын тартар,

барак болдум -
бак-шорумдун газалын жазар.

## IV

Жалжылдап досум жанды эзет -
ботонун көзү ботонун.

## V

бир кучак гүл таптым.
Заматта чанактарым жарылып
гүлдөп кетти бүт-бүт турпатым.

*Лейлек жергем - баа жеткис жер деги,*
*асылдардын эн асылы мендеги.*

*К.Сабыров*

**КОРГОН АЙЫЛЫ**
Чет жакасы таш коргон,
чекесинде Кыз коргон.

**АРКА**
Түрөт билек, багалек,
ташка гүл өстүрөт.

**КУЛУНДУ**
Жибин үзүп, баглан суу ичип,
бараткан кулун, тай күлүк.

**КАТРАҢ**
Журтума тийген мандаттай
— жаннат жай.

**БАУЛ**
Бабурдун изи калган
балтанын мизи.

**ИСФАНА**
Атырын чачкан айым кыз,
асмандап учкан аруу куш.

**БЕЛЕС**
аскадагы оймо жазуулар -
ачылалек сыр сандык.

**БЕШКЕНТ**
Беш айыл —
суу чачышып ойноп
этек-жени жер чийген
беш айым.

**АНДАРАК**
Бир түп байдарак
тамырлап кылым, доорго.
Бутактап-шактоодо адыр-жонго.

**КӨК-ТАШ**
Ак, көк ташы чөп,
алма, өрүгү көп.

**МИҢ ЖЫГАЧ**
Алп арыктай сезилет
ичи сайдын - -
аккан жашоо, арген үн.

**КАРА-БУЛАК**
Кышында Лейлек сибири,
жазында шибери.

**АК-СУУ**
Сумбула чачтуу көрүп кыз,
суу ичтим жүрөк этип тыз.

# БОЕКТОР

(Микропоэма)

**-1-**

Кызыл күн күлүп чыкты.
Кызыл кыз күлүп тосту
кызыл кырдан.
Тору айгырды чапкылап,
токтоналбай
тоолук улан
тоодой сүйүү өнөрүп,
тээтиги жактан келди —
кызыл кырман.

**-2-**

Ак тилегин билдирип
аппак үйгө,
аппак дилдүү эл келип
аппак жолдон.
Даам татып, той-тойлоп —
дасторкондон
анан кайра кайтышты —
аппак бойдон...

**-3-**

Калк башына түшкөн караан түн —
окко ойдуруп,
каралады жигит көөдөнүн.
Басып калды нымдуу топурак,
бакыракай нурдуу көздөрүн.
Кара кат жетти көп өтпөй,
каректен ылдый жаш акты.
Картайган эне, жаш жардын,
каалоосун, үмүт, максатын,
капкара көөдөй «таш капты».

**-4-**

Сары чырмоок сар-санаа —
демди кысып.

Түнөрүп түбөлүккө саргаюудан,
түш көрүп, түш жоорушат —
түрдүү кызык.
Үмүтү дале жанып...
Карашып жол...
Бир үйдө:
эки жэсир, эки жетим.

**-5-**
Бозоргон жолду тиктеп,
мүнкүрөп мөгдөп калбай,
жүрөктүн терецинен
аян эткен
ишенич сүрөп, бийлеп жүрүштү иштеп.

**-6-**
Энени, баласынан,
женени, жаш жарынан ажыраткан.
Жениш келди —
жексендеп өрт-апатты.
Ааламга Ай, Күн аны салтанаттап — чачыладай
ак-аргыл, түрдүү түс нур төгүп жатты...

## ЭПИЛОГ
Кызыл келин, кызыл уул төрөдү,
кызыл күндүн көрүп да бир ак танын.
кызыл дүйнө карап турду кызыгып,
кызыл кемпир чебеленип кыйкырды:
«Каралдым!».

# МИҢ ТАМЫР

(Ырлар цикли)

## 1. БАШТАЛЫШ

Жерге көктөн нур төгүлсө салаалап -
Күн тамыры.
Дайра-көлгө куюп аккан сан булак -
Суу тамыры.
Өзөгүнөн чачыраган тамыр чөп
гүлдестедей турат түйлап колумда.
Аорта эмес,
Вена эмес,
жүрөгүмдө менин тамыр өзөгүм.
Клеткамда ажырыктын тамырындай,
чачаланган, жайылуу бар.

## 2. ЖЕР

Жер дарак -
океандын кыртыштарын жарып чыккан.
Дүпүйүп, асман тиреп,
миң эсе бекемирээк өскөн дубтан.
Бал болуп ууртунда эрийт ширин,
тал болуп жан сергитет ыссык күндө.
Билсең ал үстүндөгү үй-кийимин,
өзүн да жердиксиң дос,
кабак түйбө.
Телефон трубкасын жаруучудай,
чыккан үн жердин үнү угуп турам.
Жер жүрөгүн билгизбей уурдап алып
качкысы бар чунандап азоо кунан.
Абайлап фонендоскоп менен доктор,
түрсүлүн айкөл жүрөк угалычы.
Чочуркап,
сестенгенсийт бир балээден
шаңкылдап асман жараар кубанычы.
Беш материк - беш бутак,

ноодалаган, шактаган,
жайып кучак.
Айры буттуу адамзат салган уя -
кыдыр куштай качандыр
конуп шу жак.
Аралдар - жаш көчөттөр,
астейдил күн көрүүгө умтулушкан.
Аларга тутандырды турмуш отун,
Прометей жүрөгүнөн сызылып кан.
Жер дарак -
океандын кыртыштарын жарып өнгөн.
Кайрадан тамыр жайсын жашоого деп
мен ага:
тун уулум, чоң атамдын сөөгүн көмгөм...

### 3. XX - КЫЛЫМ

XX - кылым сени -
Революция төрөдү.
Батырактын сөзүн сүйлөп
кызыл байрак көтөрдүн.
XX - кылым сага -
кызыл кулак ок атты.
Ырыс бүтүп мандайына,
ырдап, күлүп келатсан.
Бомба ыргытып сук согуш -
боорун тытып кан аккан.
Айлакер, шум Америка
тартуулады Атом «дозок».
«Акак-мончок» деп өзүнө,
Хиросима, Нагасаки
окшойт азиз кош көзүнө.
Узун түндө уктай албай
сордун ыштуу түтүндү.
Көздөрүндөн тынбай аккан
шоролуу жаш үчүнбү?
Жабыркапсын, өндөн азып,
жаак эттериң шылынып.
Кыйын болуп баратабы,
кудай урган тирилик?
Жашын жүзгө таяр чакта
жаза баспа. Андагын.
XX - кылым менин -
киндиктешим, айдайым.

## 4. ДАЙРА

Коондун тилигиндей сүйрү өзөндүн
койнунда өнүп-өскөн Козу-Баглан.
Теминет, окторулат жаш айгырдай
терени ай чөгөргөн Аортамдай.
* * *

Колумду салсам күүлүү агымына
угулат алп жүрөктүн дук-дук үнү.
Айталаа, өзөн, тоону, чөлкөмдү эмес,
аралап өткөн бейм жүлүнүмдү.
* * *

Таштары кандай кооз - чаар, аппак,
жүрөмүн басып, ырдап, жыланайлак.
Чырайын чындап анын чыгарууга
Салган го суу периси түгөл сырдап.
* * *

Жыланач ай киринет - аруу дене,
жылдыздар жандоочусу кырк кыз сынар.
Этегин чыгаралбай көйнөгүнүн
айласыз асман күлүп, ичтен сыздаар.
* * *

Жээгинде шул дайранын, эски тамда,
үн созуп жарыктыкка төрөлгөнмүн.
Ал кезде элүүнчү жылдар катаал -
колхоздо орокчу экен энем менин.
* * *

«... Күн эмес, түнүндө да орок оруп,
талаада ай жазданып уктоочубуз, -
деп айтат:
- Чарчообузга, чанкообузга
данакер дайра болчу
жашамак эмеспиз го... Биздер онсуз.»
* * *

Жээгинде көпөлөктүү, кызгалдактуу,
жетилдим жаш дарактай тамыр жайып.
Жүрөмүн жүрөгүмө алып дем, наар -
жүз ирет иримине жүзүм чайып.

## 5. ЭҢСӨӨ

Кыдыр куш илек-илек,
айлыма өтчүү түнөп.
Шул дайра жүрөгүндө

жүргөндүр канат күүлөп?
Эликтей баёо сезим
эн эркин парандасын.
Татына, турна моюн
ак көйнөк карындашым.
Терекке конгон айга
уялап алуучусун.
Асыл ой-дил, максаттуу
ак кушум, аруу кызым.
Санаага белден баттым,
сагыныч көөдөн эзип.
Гүлдөгөн өрүкзардай
өзөндү үлбүрөтүп.
Таптакыр кадик ойсуз,
кел түнө айлыбызга.
Кадырын өттү абдан
кары-жаш баарыбызга.
Мойнундан сыга-сыга,
кучактап өбөйүнчү.
Өзүнө тартуу кылып:
дайрамды, өзөнүмдү.

## 6. КУЛУНДУ КАНАЛЫ

Жазбы-күзбү, түшүм камы бел чечпейт,
жаамы журтум сага гана таянып.
Жүгөрү өскөн жөөктөргө жетесин
дыйкан ата жүрөгүнөн шар агып.
... Кыйын жылда:
кетмен, керки, күрөктөр
не азапта тер агызып төрөгөн.
Алты уулдун жетинчиси экенсин
ата-энемдин ак мээнети корогон.
Арууланып, азыктанып, түптөнүп,
ар-бир бүдүр топурагы талаанын.
Дайра эгер дарак болсо мөмөлүү
бир бакубат бутагысын сен анын.
Шарданында алп турмуштун өкүмү
алган бекем оолдуктап, жүгөндөп.
Окуп калдым, кат жазыпсын мухитке:
«Кулундуда ойноп-күлүп жүрөм» - деп...
Жазбы-күзбү түшүм камы бел чечпейт
жаамы журтум бир өзүндү эш тутуп.
Жүрөт ана, эрбендешип гүл, чөптөр
«жүз граммды» сенден секин шыңгытып.

## 7. БАЗАРДА

Шул базардан кезиктирдим
сан мөмөнүн түр-түрүн.
Агыздырып шилекейди,
анделек, коон шип-ширин.
Айлам куруп... туруп, туруп,
помидорду кармалаймын.
Алма саткан супсулуу кыз,
жанга батат арманы анын.
Жоодураган оттуу көздөн,
жол табалбай кыйналам.
Сүйгөнүндү билдиралбай,
сүдүрөлгөн эн жаман.
Кайда катам жаш башымды,
кайда жүздү бекитем?
Шамал болуп кетсемби, же
шаарыныздан тентиген.

## 8. ЖОЛ

Жолдор кеткен,
жолдор менен тамырлаш
бирин-бири жөлөп-таяп, жетелеп:
суудай агып туш-туш тарапка.
Кумурскадай эл кайнаган азанда,
самса, палоо, мантысы көп базарга.
Шаркыратма, токой, көлгө,
аэропортко, вокзалга.
Кутман талаа, тоолорго,
бака жуткан жылаанга окшош -
өнү кумса
өлүк жуткан мазарга.
Жолдор кеткен менден - сага:
асфальт, чандак, ар кандай.
Көп жылдарды өткөрүпмүн,
көкүрөк сырым айталбай.
Мына дагы жол тоомунан,
жолугуштук экөөбүз.
Бойтоюнку сулуу келин,
тээ кездеги энөө кыз.
Башынды ийип, бет тамылжый,
бир башкача карадын.
Төө кызгалдак сыяктанган -
кайнар көздүү карагым!

Ургаачылык, жароокерлик
мүнөзүндү жактырам.
Ууртунда күлүмсүрөө -
уялаган татынам!
Жолдор дайым бирин-бири,
экөөбүздөй ызааттап.
Эркелетип, колтуктап,
өсө берсин шактап - бутактап!

## 9. САНЖЫРА

Ай тагып алчаларга акак-мончок,
алыскы тайга, сибирь, түндүк уюл
жактарга айтып барат кылып жомок.
Күн тагып гиластарга күмүш сөйкө,
бооруна тартат кенже синдисиндей:
«Садага, көп көрүнбө суук көзгө»...

## 10. ЖАҢГАК ДАРАГЫ

... Бир боз бала. Колунда узун када
көк мелжиген учуна чыгып алып,
алмончоктой татына мөмөлөрүн
эч аёосуз жатты кагып.
Жаады чанга, таш жолго дабыр-дабыр,
жер түспөлдүү сансыз көп планета.
Суйкайтып бөпөлөгөн, кастарлаган,
Сыртына меридиандар сызыктары,
континенттен-континентке жол кеткен,
как ортосун ээлеген экватор.
Турмуш кайнап өзөгүндө эн өжөр:
тынчыбаган, түк уйкусуз, күжүрмөн.
Сыйрып салып кабык, сөөгүн,
жупташ эки көпөлөктүн өзүндөй -
кубулгөнүн көрдүм, күлгүн планета
күндү айланып учуп жүргөн.

## 11. КҮН КАРАМА

Башын ийип ызааттуу,
саламдашып жолукту.
Салынып алган шу жаздан
сапсары сыйда жоолукту.
Бир кыздын берип элесин,
жүрөктү жүргөн сызылтып.
Уктатпай чыкты түн бою
ышкымды козгоп ууз жыт.

## 12. ТООЛОР

Улуу Жибек жолунда
узундан-узун
        чубаган-тоолор.

## 13. АЯН

Түшүмдө шаркыратма
түндүктөн төгүлгөн ай нурундай
бир кучак көк беде сынары,
шоокуму угулуп, угулбай,
агылып жатыптыр...
Жөнөдүм так ошол тарапка,
кайырмак салсамбы деп ойлоп.
Жол кеткен жээгинде. А анда
бир сулуу баратат тоо өрдөп.
Чачынын шуудуру балган суу
күркүрөк үнүнө кошулуп.
Алгансыйт этегин, коюнун,
алтын түс балыкка толтуруп.
Акырын жакындай баштадым,
көөдөнүм түрсүлдөп, аптыгат.
Сыйкырдуу балыктай сулууну,
илинте алабы кайырмак?
Туйдубу аяктын дабышын,
бурулуп карады ал маган.
Турупсун... Тулку бой жалындап,
айнектей тунуду айланам.
« -Кандай шамал айдап келди Сизди?» - деп,
карап калдын дирилдеп.
-Жуда, жуда сагыныпмын өзүңдү,
жүзүм кишмиш көзүңдү.
Сүйлөп турдум күлүңдөп.
Көз ирмемге жолугуп кандайдыр,
кайып болуп кеттиң кайдадыр...
Түшүмдө шаркыратма
түндүктөн төгүлгөн ай нурундай
бир кучак көк беде сынары,
шоокуму угулуп, угулбай,
агылып жатыптыр...

## 14. БЕЙПИЛ ТҮН

Түн кирди жылып койнума;
жыттадым кундуз чачынан,
өптүм жылдыз көзүнөн

ай мандайын жай сылап.
Жымын-жымын кагып каш,
гүл бурап, жыпар жыттанып.
Төшүмө жөлөйт ийип баш,
бир боорумдай ык салып.
Чапчылашып, чачышып,
түшүп терен көлмөгө.
Куп чечилип ак дилден,
курдук кызык ангеме.
Мээрим чексиз жапакеч, -
жан шерик таап дүйнөдөн,
Пар жаздыкта моюндаш,
жатам жубан түн менен.
Түн уктайт жылуу койнумда:
ай анын алдей бөбөгү.
Кадыржан түндү колтуктап,
кайдадыр азыр жөнөймүн.

## 15. ЫР СОҢ У

Сейдана жыты бур-р эткен,
сенселип чачы жел өпкөн.
Жарышып ойноп, бой жеткен,
жан күйгүзүп дегдеткен.
Өйүп-өйүп көкүрөктү,
өйүздө өскөн мамакаймак.
Өзүмдүкү болду акыр -
кудай жалгап.
Аруу турмуш очогунан,
алоолонуп ак жалын.
Азыктанып, түптөнүүдө
азада бой мин тамыр.
Мин булактын көзү ачылды -
мин өзөн суута айланар.
Бой көтөрүп кыртыш боорунан -
боткоктуу гүл таажылар.

# КОТОРМОЛОР

*АВЛИЯХОН ЭШОН*
*тажик акыны*

## ЖАЛГАН

Ортобузда бир кесе жалган,
вазийпа - жеп түгөтмөк аны,
Сен экөөбүз жүз жылдан бери,
аздектеп күткөн дасторкон шаани.

Түк түгөбөй бул шербет даам,
жашоодобуз жайрап, семирип.
Көз түбүнө чөккөн салкындык,
жүрөктөрдү койгон кемирип.

Бизден кийин жана келишер,
дасторкондор кенен жазылып.
Бирин-бири алдап күлүшөр,
бир кесе Жалган колго алынып.

## БАЛКИМ

Кубаныч. Сага атап ак көйнөк тиктим,
этектери у-зу-н.
А мүмкүн эртенге тар келип калса,
сени жупун, сыйда көрбөстүк үчүн.
Тан ашып чуркап келгенсин.
Кулачымда жазылган кыбыр этпейсин,
И-и-и,
экилене баштадын, түрүн бар аянган,
этегиндин учун басып алуудан.

## ЖОМОК

Аял түшү кызык, ажайып -
ак булуттан пахта агылып.
Өнүндө да өгөйлөбөйт,
гозолорду катуу сагынып

Акырындап каракчы мисал,
бар дарманын алса да эзип.
Кыянатты билбеген аял,
кеталбады гозодон безип.
Кабартырып салса да шамал,
анын солгун жүздөрүн тиштеп.
Алам козуп ачууланбайт,
же карганбайт пахтаны ит! - деп.

Чатагы жок күндөрдү жөөк,
шербетиндей ичер шимирип.
Жиликтерин соргон пахтазар,
аппак болуп кетер семирип.

Пахта женди чыны акыры.
Каниет кылып анан ошого.
Күздүн сары, жамгырлуу күнү,
эрге чыгып кетти... гозого!

## ТУРМУШ

Саратан элитип,
саамга кыңкайган.
Дарак шактарын башына төшөп,
Чал уктап жатат.

Миң жылга созулган,
казаттан кайткан жоокерге окшоп.
Төрт кадам арыда, көксөөк чалгы
көшүлөт көксөөсүн топуракка берип,
тизеден орулган эки боо от.
Аңкыган жытына асман эрийт...
Ак түштөр көрөт уйкудагы Чал
узатып жыланач аяктарын.
Умтулуп өсчү бир тутам чөп кытыктайт.
Чалдын тамандарын.

* * *

Заматта, нурдануу жайылып кетти,
мактоодон көпчүгөн жүздөрүнүзгө.
Такыр сезбедиңиз, алдады-го ал
кирпик ирмелгенче көздөрүнүзгө.

Неге алам менен алдамчыны,
тартып жибербейсиз шапалак коюп.

Башын сылайсыз берилүү менен,
барктайсыз, сыйлайсыз куу сөзгө муюп.

Акарат кылууда, аны карман деп
башкы кароолду чакырбадыңыз.
Кирдүү жакасынан алып, тим эле,
кумардан чыккычакты бакырбадыңыз?!

Байкабай калдыңыз, кошомат түбү,
акараттан бетер экендигин.
Ширин-ширин күлүп, жүздөрүңүзгө
бирөөнүн... түкүрүп кеткендигин!

## АБДЫРАХМАН ПАЛВАНДЫН АЙТЫЛБАГАН АРМАНЫ

*«көз тийдиби, көрө албастык*
*болдубу, шейит кетти досубуз».*
*Турабай ЖОРОЕВ.*

Акыретке айландым, Кулундудан таба албайсыз,
Сөөгүм жерге коюлуп, сөпөт болдум эми мен.
Кабырым түтөп, өрттөнүп, өздүгүмдү андабайсыз,
кадыры жанга артыкча Күнстандан таба албайсыз.

Билбей калдым кимдер дос...
... душманым таба албайсыз.
Арип-ыкма, өткүрлүк, акылды алдым карыдан,
ак батаага ата-энем, асылым журттан байыгам.
Мен го өттүм дүйнөдөн... Акымды тойдон
топтоп,

тойлор өтөр менсиз да күрөшүм күсөп-жоктоп...
Билбей калдым досторум-душманым ким
экенин?
Бүркүттөй ай айланып, бүлүндүм жаш чагымда,
Кумардуу көз карашы, канбадым кыз жытына,

ашыглык ат ойнотуп кыйнады бүт тулкума.
Канчалык азиз, ширин, бири кем бул дүнүйө,
Досторум-душмандарым так салды жүрөгүмө.
Элесим эсине алып, саламат жүрсүн достор,

жалгыздык меники эми, жан сүйгөн боордоштор.
Колумду шилтеп коюп, ааламдан кеттим кайып,

тагдырдын таш жолунда капыстан бутум тайып.
Бөрүбай айткан насаат назарга алынбады,

акыры анын арты өлүмдү маалымдады.
Кара дак көкүрөктө досторум-душмандарым.
Мурт кетип мүдөөлөрүм, жарым жол кангырадым,
Жете албай энсегенге, эски журт энгиредим,

айланып ак матаага мүрзө үстү желбиредим.
Досторум шейит кеттим.
... душманым таба албайсыз.
Жомокко айландым да жолумду кара басты,
армандуу көзүм ачык... Кечиктим, андабастык.
Досторум шейит кеттим.
... душманым таба албайсыз.

## ОСМО КОЕТ

*Самандар Вохидов*
*Өзбек акыны*

Кызым осмо коет күндө кашына
кыска колдорунда осмо чөп ойноп.
Али жапжаш секелек чагында
каштары капкара болушун ойлоп.

Осмо кирбей калса — артар тамаша
жылмайбас жылдыздан маржан таксан да.
Апасы эбиреп чиймелейт... Сар-санаа
артат ох, жууганда-жукпаса.

Бир күлүп, бир келет кыжырым:
Өзү куурчакча, анда не кереги ушунун?..
Карап ыраңына сус тартат көнүлүм,
кашы карайганча тынымсыз өжөр.

Эркем осмо коёт зор ынтаа менен.
Кубанат осмосу карарып жукса эгер.
Ойлосом... кызым так ушул кезинен —
ааламга сулуулук жаюуга эгедер.

*Лира Сабырова*
*(орусчадан которулду)*

## ЛИРАНЫН ЛИРАСЫ

Апаке, түшүмө түндө кайра тоолор кирди
агарып элечекчен өзүн мисал.
Артынып түбөлүктүү карылыкты,
тан менен кетти абыдан алыс узап.

Убакыт учкул, саран, укпас керен,
ой тооруп толгонууда күлгүн курак.
Тигине, күн чатырап жанган оттой —
он сегизинчи күз баратат.

Анда эркиндик эгин талаасы,
мупмуздак шамал жайдандайт.
Апаке, айлан-көчөк ушул көрүнүш
жан-дүйнөмө ишенич жаратат.

## ЧОҢ ЭНЕМЕ

Өрүкзарлуу өрөөн түрдөп гүл ачты,
канча сыр, теренине катып кайгы.
Балалыктай баёо тартып турам үнсүз,
неге, неге баштагыдай эмес баары

Энсөө эзип кекиртекке келгени ырас,
кутулуу да кыйын андан жалгыз жан.
Бак чон эне жоолугундай. Бир жашка
ким өсүптүр: менби же шу өрүкзар?

Эпсиздей жолго чыгуу маган жалгыз —
сырдуу күч кыйнайт бөтөн бир кызыктай.
Агаиндик сөз угам анан дагы:
— Татысан, Козу-Баглан агымынан.

* * *

Кайдадыр тоонун койнунда
кабыр жай, чалкан, сары гүл.
Темир ай алар алдында
телмирет үнсүз бүгүлүп.

Чалкан чөп өсөт дүрүлдөп,
«39 жаш» жазууну жашырып.
Ыр, тирүүлүк, күүгүм агат дирилдеп,
айдын азиз нурларында арyулук...

## СУУНУН ӨЛҮМҮ

Суусу куруган каналда
кубарып жатат сан таштар...
Көп болду бу жер
булутун, кушун да —

жыластап алып кетишкен
бүт-бүт куму менен.
А таштар астында,
заарланган жыландар —
булактардын жаны бар...

*Илаш* ТУЙЧИДАН

## МЕН СЕНИ...

*(Киевдик мейман кыз Светага)*

Мен сени...
Мен сени боорумда алып каламын,
кадырын ушунда бир билер түйшүктүү шаар.
Кең талаа жайларга алып чыгамын,
чачтарын шамалга таратам саар.

Мен сени...
Мен сени боорумда алып каламын,
махалла жигиттерине байкатпай.
Шар аккан дайрага өмүрлөш болосун,
бир өмүр угасын ширин сухбаттар.

Мен сени...
Мен сени боорумда алып каламын,
кадырын билбегендер, билип коюшсун.
Ат чабып, төш беттеп биз жүрсөк,
анча-мынча анкоолор ашыглыктан оорушсун.

Мен сени...
Мен сени боорумда алып каламын,
кирпигимде асырап, абайлап гана.
Беш көкүл гөзөлүм таазим кыламын,
саждадай бүт ийип башымды махабатка.

Мен сени...
Мен сени аламын өзүмө тартып.

* * *

Бир өмүр санаамсын,
кубаныч, үмүттүн шаңысын.

Арзуусун...
эх десен, бирөөнүн жарысың.

Билесин,
бүт сезип туясың.
Жүрөктөр дүрсө-дүрс ургулайт,
күндөр бизди байлап турат.
Бирок, сен бирөөнүн жарысың.

Айланам аппак шам,
ажарын сүйкүмгө батар,
булак суусундай туптунук гөзөл,
бирок сен бирөөнүн жарысың.

## ДЕҢИЗ СУУСУНУН БАЛЛАДАСЫ

*Федерико Гарсия Лорка*
*(Испания акыны)*

Дениз күлөт
а жээгинде камыштар!
Дүмүр тиштери,
үлбүрөк эриндери.

— Коло түс көөдөн оо кыздар
карайсынар неге капалуу?
— Соодалашам суу менен сеньорум,
суу дениздик.

— Жаш өспүрүм, кочкул кан менен,
толкуйт неге токтолбой?
— Бу суу, менен сеньорум,
суу дениздик.
— Эне, эмнеге сенин көз жашың
агат туздуу дайрадай?
— Ыйлайм суудай, менин сеньорум,
суу дениздик.
— Азиз жүрөк, айтсан акыры
каяктан кайгы мынчалык?
— Аябай ачуу, сеньорум,
суу дениздик.

## ФЕДЕРИКО ГАРСИЯ ЛОРКА

Гитардын сыздоосу башталат,
талкаланган таңкы чыныдай.
Гитардын ыйлоосу башталат, таш жарат!

Оо, андан кутпөгүн,
токтолуу, өтүнбө андан
токто, уу!
Талыкпастан ыйлайт гитара,
канал толо аккан суудай - боздогон,
кар үстүндө чапкан желдей - боздогон.
Жалынба ага, оо жымжырттык!

Так ушундай боздойт күндүн батышы,
тан сүрүшүн тиленип.
Так ушундай боздойт найза максатсыз - тирелип.

Тебеленди кумдак ыйлайт ушундай,
тээ, кездерин эстеп таштак мупмуздак.
Чымчык шунтип жашоо менен коштошот,
жылан заардын коркунучу астында.

Оо, гитара, о бечара ажалын
канкор миздүү канжарда!

## ЧАРЧАДЫМ

*Дилмурод Хожимуродов*
*тажик акыны*

Күп-күндүзү уялбастан аппак дешет караны,
наадандарга сый тартуулап, түртөт нары дааналы.
Жалган менен толтурушат. Өзү жалган дүйнөнү,
төгөрөктү алган ороп төгүндөрдөн чарчадым.

Калыссыздык көп-көп көрдүм, армандарым көбөйдү,
Кадыр-кымбат базарымда, арзандарым көбөйдү.
Соболдорум калып жоопсуз, айран-тандык көбөйдү,
көбөйдү ырас, азайбады, айрандыктан чарчадым.

Тоюп кеттим айын-ушак, майда кептен, сөздөрдөн,
куру сөөлөт, сук көздөрдөн, бездей каткан жүздөрдөн.
Көнүлүм калды ооз учу жан жолдоштон, достордон,
алгырларга эш болоалбай арасаттардан чарчадым.

Төр-талааны жантак каптап, «төө басты» болду гүл,
Бүт-бүт баары сатылууда: акыл, ыйман баары пул.
Эрлеринде эрк-туйгу жок, аялдары колмо-кол,
белбоосуз эр, кыянаткор айымдардан чарчадым

Амалдарлар алкым куну, адилетти билбестир,
акчалуулар алчакташат, хайыр-кадыр билбестир.
Уят эмне, намыс эмне, ариетти билбестир,
Сөзү, иши башка-башка шайтандардан чарчадым.

Наалуу эмес, булар түптүү зар-кайгындыр, эй, калкым!
Нымтыраба мындан ачык эмне дейин эй, калкым.
Мен күйөрмүн, сен да күй өз кадырына, оо калкым,
Кечир ырасын жаздым, жалган дастандардан чарчадым.

*Шукуруллo Фйзуллаев*
*өзбек акыны*

## АЛТЫН

Иши илгери
Бирок эч качан,
«Мен» деп айтып үнүн көтөрбөйт.
Ар бир мүнөт, саат, күндөрүн,
аракети менен бекемдейт.

Такаты жок мактоо сөздөргө,
кайда болсун жашайт аруу, ак.
Түшүп калбас үчүн жат көзгө,
алып качат өзүн ар убак.

Аппак куштай азиз ынагым
ким билалды кадыр-баркынды?
Анчейин бир оной иш эмес,
ажыратуу таштан - алтынды.

## ЫШКЫ АЛООСУ

Кечки аяз...
Бир жигит, бир кыз,
кезигишип кеп-сөз кызыган.
Кыш ийнесин сайып аесуз,
«Качыр-кычур» басылган кадам.
А экөөсү бойго-бой тиреп,
кыналышат, күлөт, эркелейт.
Сезилбейт эч не суук, не кеч,
сүйүшкөндөр биргелеш - бу кез!

## КОЛ ЖООЛУК

Бойдокчулук...
Кексе ак чач энемдин,
Жуугандарын келдим дагы көтөрүп.
- Зарифахон, бересизби үтүктөп?
эшик алды үн чыгардым жөтөлүп.

«Жалт» карады бой түзөтүп ал анан
этек кагып ой токтото бир нукум.
Стул алып деди: - Азга олтурун?...

Чырай ачып, бараалына толгону,
назарыма бир караштан илинди.
Коомай гана суроо салдым селкиге:
- Кол жоолукка шериктеш болунузчу,
Кармайын кадыр тутуп колунузду?

- Көз кареги бажырая аландап,
салааларын саамай чачын тарамдап,
суроо сөзгө алдым кайра суроо-жооп:
- Жок болсо жүрөк сүйгөн адамыныз,
жансыз бойдон калбайбы жазганыныз?...

Ошол күндөн үйүр алып, шынарлап,
келген сайын укчу болдум «ширин сөз».
Кол жоолугум тапты - ырас өзүнө
жүрөктөшүн, көнүлдөшүн өмүрлөш.

Турмуш дениз-түгөй калак кемечен,
түбөлүккө жашап калдык биз эми.
Таныркабан, бойдоктуктан кол үздүм -
Зарифахон энекемдин келини.

## КӨЗДӨР

Ышкы уругун чачар имиш көздөр,
сыр эшигин ачар имиш көздөр...
«Жымын» эте асман жаркытып,
жылдыз өтөр айдын жүрөктөн.

Көкүрөктө сүйүү тамырлап -
жал-жал жанат арзуу каректе.
Жан дүйнөнө салып дүрбөлөн,
эргүү берер анан сезимге.

Ай мандайдын ажар-келбети
адам мээри эки көзүндө.

* * *

Ашыгым...
күйгөн жүрөккө ыракым эт,
жай бере көр, бир ак шамдык.
Сыры, сыны кетилелек,
алдыңызга агылсын бир ак сандык.

Анда бар жапалуу жүрөк деми,
күрмөөгө келбей калган тилдин мөөрү.
Жай бергин, бир көз ирмем,
арбыса да мейлиге,
айыбым-күнөөм.
Жай бер көр жан боорундан,
жаным жамалым.

# МАЗМУНУ


Туулган жер....................5
Лейлек жергем....................6
Айлыма....................6
Эркин элим....................7
«Айталаага астейдил бир карадым да» ....................7
Бир секунда....................8
Өмүр....................9
Максатка....................9
Ыйладым....................10
Тоо айлында....................11
«Алма бак нурга киринип...»....................11
Күндөрүм бар....................12
Романтика....................12
Нооруз келди....................13
«Ат арытып Айлама саа келдим мен...»....................14
Сүйүнүч....................15
Турмуш тамга....................15
Азия....................16
Гезитим....................16
«Турчу сары кучүгүм...»....................17
Ай жаныргандагы ыр....................17
Эмнегедир теше тиктейм алысты....................18
Талант жөнүндө....................18
«Желбиреген Кызыл туудай, кызыл күн...»....................19
Кыштак кечи....................20
Жайлоо түнүндө....................20
Бала....................21
Аркар от....................22
Анар....................22
Жийде дарагы....................23
Танимайрам....................23
Июль....................24
Август....................25
Күзгү кайрык....................25
Күздө....................26
Кыш жөнүндө ыр....................26
«Көздөрүмдө шам чырактай нур ойноп...»....................27
Карды самоо....................27
«Жүрөгүмө сыйкырдуу ышкы сүнгүп...»....................28

Эрте жазда.....29
Май .....30
«Өрүктүнүн тигиндей».....30
«Жүр жүрөктүн коншусу».....31
«Сумбула чачтуу сулуу кыз».....32
«Оо, сулуулук сага кабылдым...».....32
«Бүгүн мен тиктим көчөт...».....33
«Ачуусун азуу тиштей согуп, кагат...».....33
«Дарактардын өзөгүндө шапылыш...».....34
«Турпатында жайнап сулуулук...».....34
Жаз.....34
Сагындым.....35
«Жанымды жай алдырбай умсундуруп...».....35
Сунуш.....36
Түн. Купе.....36
«Шул талаанын беш көкүл кыздарындай».....37
«Жүз көрүшүп калдык мына капыстан...».....37
«Сени сүйүү мага болду эң азап...».....38
«Биз окууну бүтөр жылкы жайында».....38
Сүрөт.....39
«Шыбак жыттуу, гүл чөптүү, бак-дарактуу».....39
«Дайранын шанын жутуп, үнсүз гана...».....40
«Канча ырды чын дилимден кылам тартуу».....40
Этюд.....41
Булак.....41
«Көөдөй түндү сүрүп таштап баятан».....42
«Сагынычым сага айталбай».....43
«Түндүктөгү чыкпас күндөй үч-төрт ай».....43
«Жүрөктөн ырдоо зарыл болсо дагы».....44
«Чыр-чыр эткен телефондун».....44
«Жарым жатат чалкасынан кош бойлуу».....45
«Шайтан келип мойнума минип алып».....45
«Түсүн кара, ичин экен ошондой».....46
Арноолор.....47
Сегиз саптар.....56
Дил чырак саптар.....59
Боектор (микропоэма).....65
Мин тамыр (ырлар цикли).....67
Котормолор.....75

**Көркөм, адабий китеп**

*Абдилаат ДООРОВ*

## МИҢ ТАМЫР

Ырлар

Редактору Г. Маамова
Техн. редактору Г. Садыкова
Корректору К. Пайзиев

Терүүгө 06.08.98 берилди. Басууга 24.11.98 кол коюлду. Кагаздын форматы 84x108/32. 5,5 физ. басма табак. Нускасы 1000. Заказ №
Келишим баа

ОсОО «Сабыр»
720040, Бишкек шаары, Эркиндик бульвары 45.